
Мар Алиев

# Кыял чабыты



Мар Алиев

# КЫЯЛ ЧАБЫТЫ

Ырлар жана поэмалар

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ — 1977

С(Кирг)
А 50

**Алиев Мар**

**А 50** Кыял чабыты. Ырлар жана поэмалар. (Жаштар үчүн), Ф., «Мектеп», 1977 ©

**108 бет.**

Автордун бул жаңы китебине Ата Мекен, эмгек, достук темасындагы кийинки мезгилде жазылган ыр, поэмалары кирди. Чыгармалардын лирикалык каарманы — турмуштан өз ордун табуу үчүн тынымсыз изденген биздин күндүн жаш адамы.

**С(Кирг)**

**А $\frac{743-319}{М\ 452\ (17)-77}$ 235—77**

© Издательство «Мектеп», 1977 г.

## ЛЕНИНДЕЙ ГЕНИЙ БАРБЫ?

Чоң атам жокчулуктан
азап тарткан,
Мойнуна кедейчилик
жүгүн арткан.
Ошондо таппай
жарты нан,
Мергенчиликтин түшүп
артынан,
Этти тапкан,
Эптеп балдарын баккан.
Ошондо оор түйшүк түшүп,
ак падыша жактан
(Ал кулай электе тактан)
Бай-манаптын чечими чыгып,
Кара букаралар аны угуп,
Кытайга кире качкан.
Беделди, ошого окшогон
далай ашууларды ашкан.
Баш калкалоого шашкан.

Ошондо ажал кылычын
жаландатып,
Далайлар итке таланган.
Өлгөндөн калганы
Эптеп барганы
Ошол жакта баш калкалаган.
Кайран эл,
качкын делип аталган.
Какшаалда жүрүп жеринен калган.
Ак падышанын
шаары урады деп
Тагынан кулады деп
кат алган.
Араң жүргөндөргө
кабар тарап,
Анан жөнөшкөн
киндик кан тамган
жерди карап.
Тез эле жетүүнү самап.
Келишкенде
ЛЕНИН деп бадыраят,
Караңгы кыргыздарга ар бир барак.

Көрсө, улуу адамдын
ысымы менен
Дүнүйө болуп кенен.
Көл толкуган тура терен,
Көркке бөлөнүп менин жергем.
Андан бери
далай кар эрип,

Андан бери
кыздар далай гүл терип.
Алда качан ооздукталган,
Биздин заманды
жүргөндөр жерип.
Атаганат, ата Ленин
тирүү туруп,
Өлсө ээ, бул заманды
өзү көрүп.
Бирок да
көзү ачыктай улуу көсөм,
Баарысын айтып кетти,
калса да өлүп.
Багына кедейлердин
көңүл бөлүп.

Урпактар унутушпай
улуу адамды,
Улуулар урмат-сыйын
көрүп калды.
Ишке ашып
Ильич айткан ар бир сөздөр,
Түбөлүк өчпөй турган
шамдар жанды.
Сыйлашып коммунисттер
бирин-бири,
Сырдашып
ага-тууган болуп калды.

Дүйнөгө Ильич аты
        даңктуу угулуп,
Достуктан, ынтымактан
        байге алды.
Атанын түзүп берген
        заманына,
Ааламдан ар бир өлкө
        кумарланды.
Тарыхка өлбөс-өчпөс
        из калтырган,
Даанышман
        Лениндей гений барбы?

## МАЯК ӨҢДҮҮ КЕЛГЕНБИЗ

Өрнөк өзү, атагы
Кимдер билбейт —
Улуу Ленин атаны?!
Өлкөбүздө, бүт ааламда,
Өсө берсин
Коммунисттин катары!

Партбилетти
Улуу Ленин кармаган,
Ал өмүрүн коммунистче
Эркиндикке арнаган.
Күүлүү иштеп,
Күжүрмөн жол тандаган.

Жаман санаа
Иши кара
Ара жолдо көп турган,
Андайларды —
Коммунисттин, партбилеттин анты урган.
Айкын жолдо — коммунисттер,
Ата Ленин, сиз курган!

Кызыл билет —
Канга далай чайылган,
Ошол кандар
Кызыл туугa жайылган.
Коммунисттин катарлары көбөйүп,
Өсүп жатты шаар, кыштак-айылдан.
Кызыл билет —
Чыкты сыйдын төрүнө,
Бүт дүйнөгө —
Маяк болуп көрүнө.
Мүлдө ааламда даңазалуу сөздөр көп,
Өркөнү өскөн кең СССР жеринде.

Кызыл билет —
Жүргөн кезде жанында,
Жүрөк өргүп
Демөөр ойнойт канында.
Эмгектенет эргип дайым коммунист,
Партбилети, барк билети барында.

Шахтада иштеп —
Эритеби коргошун,
Совхоздобу, колхоздобу,

Мейли кайда болбосун.
Үйрөтүшөт, үлгү берген коммунист,
Ийгилик көп, иште болбойт тоңдосун.

Учкун эле
Ал жалынга айланган,
Ааламдагы коммунисттер,
Ал жалынга —
Жүрөк менен байланган,
Делегаттар шайланган
Душман анда —
Тап катары жайланган.
Коммунисттер —
Октон, оттон төрөлгөн,
Чырпык сайып
Чынар болуп, түбөлүккө көгөргөн.
Жетиле бер жер жүзүнө тынчтык сээп,
Жеңиш дайым өрнөктөлүү жөрөлгөң!

Коммунисттер —
Эртеңкини айта алган,
Дуулуу сөздү, суук көздү
Бетине айтып майтарган.
Берекени, бейпилдикти
Бүткүл элге кайтарган.

Коммунисттик партбилетти
Баалайт өлкөм, жергебиз,
Өркөнү өскөн
Коммунистчил элденбиз.
Алп партия алга баштап, жетектеп
Ааламга биз, маяк өңдүү келгенбиз!

## КОМПАРТИЯ ДЕМИБИЗ

Баарыбыз бакыт күнгө балкып эми,
Партиям ар убакта алга деди.
Ушундай улуу жолго багыт берген
Урматтуу заман деми, эмгек деми.

Мөлт этсе жумушчунун маңдай тери,
Гүлдөдү ошол терден Совет жери.
Күн, айга жеткирүүгө шартты түзгөн,
Күжүрмөн жолбашчыбыз Ильич деми.

Жаңылык кубандырып мени, сени,
Ачылса Ала-Тоонун ар бир кени.
Ааламга тынчтык үчүн жар чакыртып,
Ал бизге Компартия берген деми.

Жеңишке улам жетип Совет эли,
Жергемде күндө майрам андан бери.
Жашасын, жаңы жеңиш таба берсин
Партиям — бактылуу элдин кемеңгери.

## АЛ МЕНИН АТА МЕКЕНИМ

Күнүгө жаңы таң атат,
Күлпөтүн турмуш жаратат.
Күрдөөлдүү Ата мекеним,
Күн сайын өсүп баратат.

Ырлардан шекер төгүлүп,
Ыракат жакын көрүнүп.
Ыракмат айттык Ильичке,
Ырыска терең чөмүлүп.
Кошулуп тептең катарга,
Аттанып билим сапарга.
Ардактуу ата Ильичти,
Айтканын эстейм жатаарда

Эркиндик болуп элиме,
Эрк алдын өнөр кенине.
Элүү жыл ашты күч алып,
Эрибей турган эмине?!

Ансайын эмгек тартуулап,
Ааламдын күчү тартылат.
Ал менин Ата мекеним,
Атак-даңк артка калтырат!

## КОМСОМОЛ ЖӨНҮНДӨ ОДА

Ошол өткөн граждандык согушта,
Октон коркпой далай жигит тапталган.
«Комсомолго мүчөлүккө өтөм» деп,
Көбү келип райкомго катталган.
Каарын чачып, октор учкан окопто,
«Катюшалар», «Суликолор» жатталган.

Эчендерди эл душманы аттырган,
Эчендерди сокур октор жашырган.
Ойдо, тоодо согуш жүрүп жатса да,
Ошондо да жыйналыштар ачылган.
Оңбос душман сары изине түшсө да,
Ошондо да «Искралар» басылган.

Кырчын жаштар аскер болуп кетишкен,
Кырка тарта комсомолго өтүшкөн.
Кайда болсо комсомолдор алга деп,
Качан болсо жеңиштерге жетишкен.

Корчагинди үлгү кылып алышкан,
Колчактарга коркпой кирип барышкан.
Деникинди, Красновду кыйратып,
Душмандарды дит бактырбай салышкан.
Баатырлыгы эмгек менен айкашып,
Байге бербейт бардык жерде жарыштан.

Анда өткөн кырк биринчи жылында
Алааматты салган кезде чынында
Чыйрак жаштардан гвардия түзүлүп,
Чыккан болчу фашисттердин кырына.
Азыр деле комсомолдун эрдиги,
Акындардын өлбөс-өчпөс ырында.

Кыргын салып фашист бизди каптады,
Катюшалар кайра аларды таптады.
Матросов, Чолпонбайдай көп жаштар,
Баатырларча берген антын актады.
Тирүү алар,
Түбөлүккө эли эсине сактады.

Жеңиш алдык, бүткүл дүйнө угушту,
Жексен кылдык, токтоттук биз урушту.
Кыйрап калган шаар менен кыштакты,
Кызуу темпте комсомолдор курушту.
Андан кийин айлантышты «бейишке»,
Ангараны, андан ары Чыгышты.

Жаштык ырлар бардык жерде жаңырды,
Жаңы ырлар ала келди жалынды.
Жеңиш, эмгек тынчтык менен айкаша,
Жергем сайма, элим орден тагынды.
Комсомолдор коркпой учуп жол салып,
Космос дагы башын ийип багынды.

## БААТЫР САНИТАРКА БАЯНЫ

*(Улуу Жеңиштин 30 жылдыгына карата)*

Атылып замбиректер түтүн булап,
Ар жерде адам жатат кулап-сулап.
Сандаган жарадарды таңып, жөлөп,
Санитар кыз жаны тынбайт өмүр улап.
Билинбей бир окоптон бир окопко
Бат жетет, кээде чуркап, кээде жылат.

Асмандан төгөт бомба жамгыр болуп,
Аңгектер бир заматта сууга толуп.
Алаамат азыр түшүп келген өңдүү,
Аскердин ар кимисин ажал тооруп.
Сакайта турган жерге жарадарды
Санитар кыз ташып барат абдан коруп.

Кээ бирөө кан жоготсо өңдөн азып,
Тигинде жардам сурайт көзү жашып.
Ал болсо бир чаалыкпай ошол жакта,
Аралап өлүктөрдү аяр басып.
Капарга алып койбойт, айтып болбойт,
Канчаны сактаганын күн-түн ташып.

Чарчады, суусап чыкты таңдай катып,
Чамасы жаткысы бар даам татып.
Туурадан үн чыкканда кыңкыстаган,
Турат ал өз ордунан октой атып.
Жөлөдү жөн турбастан таңып бүтүп,
Жөнөдү да бирөөнү мойнуна артып.

Далайлар балким аны билбей калды,
Далайдын канын сактап, чебер таңды.
Ал кезде жарадар да, араң жан да,
Айыкты, анан балким издеп барды.
Ар-намыс жүрөгүндө ойногон кыз,
А бирок чын жүрөктөн алкыш алды.

Канчалар айыгышып кайра кетти,
Кармашып, өч алуучу жерге жетти.
Айыгышып Мекен үчүн күрөшкөндө,
Ак тончон ошол кызды элестетти.
Эченге өмүр берген, көңүл берген,
Элдик кыз эстен кетпес ак ниеттүү.

...Калган жок азыр алар унутулуп,
Кайгырбайт ак чач энс улутунуп.
Орденге төшү толгон ал баатырга,

**Оо көбү кат жазышат ичи жылып.**
**Ар дайым жылдыз жанып маңдайынан,**
**Азыр да сөзү орундуу, өзү сылык.**

## ОҚ ОРНОГОН ЖҮРӨК

*(Новелла)*

*Улуу жеңиштин 30 жылдыгына карата*

Бул окуя 1942-жылы Москванын алдындагы согушта болгон. Лейтенант Семен Вечерка душман менен айыгышкан согушта оор жарадар болот да, жатып калат. Аны издеп таап келгендер өлдү деп ойлошот. Бирок улгайып калган санитар анын денесинин аязда тоңуп калбагандыгын көрүп, тирүү деп медсанбатка алып барат. Көрсө, Семендун жүрөгүнүн оң жак карынчасында диаметри — 7,62 мм, узундугу — 35 мм ок орноп калган экен.

Кийин Советтик Армиянын башкы хирургу, академик Николай Николаевич Бурденко операцияга даярдап, бирок батынып жасай албай жөн коюп:

— Кескилейбиз дегендер көп эле чыгат. Бирок жасатпай деле жашай берсеңиз болот,— деген экен.

Азыр Семен Лаврентьевич Вечерка тирүү, Харьковдо соода кызматында иштеп жүрөт. Медицинада ок эмес, башка бир кичине зат кирсе өлүмгө учурап же кыйын майыптыкка кез келери айкын-ачык. Эмесе, бул чыгарма ошол ок орно-

гон жүрөгү менен жашап жүргөн Ата Мекендик согуштун катышуучусуна арналат.

Түтүн булайт
Учкан октор чуулдайт,
Туш-тараптан
Айтылган сөз угулбайт.
Укмуш кабар —
Укса жүрөк зырылдайт.
«Москваны алабыз,— деп,— аз күндө»,
Арсыз душман апырылып жымыңдайт.
Волокаламск...
Кең Москва арт жакта,
Жүрөгүндө аскерлердин —
Борбор үчүн баш тартпа!
Кул болуубу?
Биз көнбөйбүз ал шартка,
Коргойбуз биз өлкөбүздү
Колдо курал бар чакта!

Дешип баары
Кайнап каны —
Жоокерлер бир катарда
Москва үчүн!
Деп күбүрөйт,
Жоону мээлеп атаарда
Оюнда жок эч биреөнүн,
Окко учуп жатаарга.

Согуш күйүп
Душман кирген убакта,

Сергей толгон
Жыйырма беште куракка.
Өзү кетип Москваны коргоого,
Харьков шаары —
Калды андан ыраакта.

Каны кайнап,
Кара кылды как жарып
Командир ал —
Ротаны башкарып,
Танкаларын талкалоодо фашисттин
Такандатпай атакасын кайтарып.
Катарында панфиловчул жигиттер
Былк эттирбей,
Душман мизин майтарып.

Кара таандай
Кара танка каптады,
Канга бөлөп,
Кез келгенди таптады.
Салды күчүн ызырынган фашисттер,
Санап болбойт
Канча танка арттагы.
Ыргытаарда Сергей дагы гранат
Ысый түштү
Сол жак өңүр — капталы.

Танка күйдү,
Сергей ага кубанды.
Алга деди
Үнүн бийик чыгарды.

Душмандарды танка артынан чубаган,
Максимканын огу менен сугарды.
Москваны бек корогон жигиттер
Чын ачуусун душмандардан чыгарды.
Дуу койсо да чабуулдарын
Душман жыла албады.
От болду жер
Октон тамтык калбады.
Москоол Сергей,
бербейбиз дейт душманга
Москваны —
мекенимдин ардагы.
Канга батты,
Ага деле карабайт.
— Таңып бер,— дейт, —
Тылга кетиш жарабайт.
Азыр ага карай турган
чак эмес,
Ал жеңүндө жеңген кезде
анан айт!

Жардам келди,
Душман артка чегинди.
Көбү кыйрап
Каны суудай төгүлдү.
Көргүлүктү көрүп кызыл жоокерден
Көбү чымга
типтирүүлөй көмүлдү.
Азаматтар куштар болуп мөөрөйгө
Азыр жеңиш келүүчүдөй көрүндү!
Тыным алып,

Чылым чегип кириштн.
Кимдер эсен,
Кимдер өлүү сүрүштү.
Сезиминде жамандык жок жигиттер
Семен азыр жок экенин билишти.
Бирин-бири издетишип жөнөтүп,
Бир убакта блиндажга кириштн.

Бирөө жатат
Шинель менен жабылган,
Бул ким болду
Бөөдө өлүмгө кабылган.
Бетин ачса Семен экен
жалган ай,
Баары издеп, анан мындан табылган.
Командириң өлүп жатса момунтип,
Кантип гана сыздабасын кабырган?

Вечерка экен,
Кайран жигит кеттиби?
Көрбөй жыргал
Көзү ачык өттүбү?
Сокур огу снайпердин аңдыган
Соолуттубу, чын түбүнө жеттиби?
Жашылдантты көпчүлүктү ошондо,
Жагып калган
бул жигиттин «лөктүгү».
Баары келди,
Баш чайкашып карады.
Кээси кейип,
Кээси жашып тарады.

Бир убакта ачылгандай түрү бар,
Бүркөө турган карыянын кабагы.
— Дени жылуу Семёнубуз өлбөптүр,
Жүр батыраак медсанбатка баралы...

Алты ай өттү
Андан бери арадан,
Аман Семен,
Врачтар бар караган.
Ок тийиптир дал толтонун өзүнө,
Тапкан кезде
аны ок учкан талаадан.
Эки жума эс-учуна келбептир,
Денедеги тамтыгы жок жарадан.

Ок орноптур
Жүрөгүнө жик болуп,
Жамачыдай
Жөрмөлүптүр тик болуп.
Айран кылды врачтардын акылын
Аман калып
ак башына бак конуп,
Карабастан жүрөктөгү окко да
Кагып жүрөт,
как жүрөгү топтолук.

## АПА, СИЗГЕ ЫРАКМАТ!

*(Баллада)*

Бала кезде азаптарды көп көрдүк,
Баштан анда согуш каарын өткөрдүк.

Бала дебей, эне дебей зарланткан,
Баарынан да фашизмди жек көрдүк.
Эч кимибиз башты жерге салбастан,
Эмгек менен сокку урууну эп көрдүк.

Согуш... Согуш... көп жүрөктөр канады,
Бардык элим Батыш жакты карады.
Ата-агалар баары кетип фронтко,
Айлыбыздан алыстады эр адамдын караанын.
Апам калды жашын төгүп зар ыйлап,
Араң багып алты бирдей баланы.

Күндүз иштейт жумушунан калбастан,
Курбуларга ат салышып талбастан.
Күүгүм талаш тамак жасап, кир-коок жууп,
Бизге берет өзү наар албастан.
Кыйраткансып баарыбыз тең келебиз,
Чыт курсакпыз, бүткөн бойду чаң баскан.

Акыл айтат: эстүү бол деп балдарым,
Ач болсоң да бөтөн үйгө барбагын.
Баягынын балдары деп айтпасын,
Бирөөң дагы сабакты өксү кылбагын.
Бошогондо «Байтелиге» келгиле,
Бириң мин да, бириң соко кармагын.

Ар убакта апам адеп кеп салат,
Адептүү бол, жакшы өскүлө деп калат.
Ажыке агай эң улуубуз ал үйдөн,
Абдан окуйт, жумушка да көп барат.
Ата-агалар өзү өңдүү тиктейбиз,

Айлыбызга аскер келсе көп карап.
...Чөмөр кирди, буттар далай канады,
Чөктү көңүл, туман басып талааны.
Ачкачылык бир жагынан, дарт чалып,
Аяган жок аял-эне, баланы.
Бирок, көрчү, баатыр элдин тартибин,
Бардыгынын жеңүү болду талабы.

Каардуу жыл. Баарыбыз жаш балабыз.
Апам — сакман, биз — кой-козу багабыз.
Эң алдыбыз ошол кезде он беште,
Ээ каран күн, биз эмнени табабыз.
Атам болсо азап тартпас белек деп,
Ага-инилер арман кылып калабыз.

Али элестейт...
Жамгыр жаады, көнөктөдү дабырап,
Жаман кийим чылгый болду шалбырап.
Койлор чыгып белес жактан жайылып,
Козу кетти ээ-жаа бербей жамырап.
Тил угам деп үйгө келсем апамдан,
Тим сөз айтат, кенеп койбой камырап.
Кирсин, жерге, бир күнкүгө өмне,
Кийиминди кургатчы дейт, бабырап.

Сары-Булак...
Сакман анда, сары оорулуу апабыз.
Күндүз чарчап, кой-козуута илээшип,
Күүгүм кире төшөккө баш катабыз.
Сиз ошондо жалгыз короо күзөтүп:
Эл көчөөрдүн белгиси —
Карача каймал буркурайт.

Таң атардын белгиси —
Тараза жылдыз жаркырайт,—
Бедел сымак «Бекбекейди» айтабыз.
Ооба, ошондо таң атаарын күткөнсүз,
Опо болуп, чоңойтконсуз, түткөнсүз.

Апакебай!
Колдон келсе дайым келет ырдагым,
Сиз бар кезде ошол менин жыргалым.
Медер кылып качып турат сиз жакка,
Менин улуум — бир неберең Сыргагың.
Ансыз деле балдарыңа бакыт да,
Айлап-жылдап аман-эсен турганың.

Согуш бүттү, азап-тозок ыраактап,
Кызыл туулар кырка турду булактап.
Көчө көркүн баатыр жоокер чыгарып,
Кыз-келиндер тосуп алды кылактап.
Ак жолтойсуз аппак үйдүн ырысы,
Апа, сизге дайым айтам ыракмат!

## АТАЛАР

Коргоп Мекен — Энесин,
Канга боёп денесин.
Ата журтум унутпайт,
Окко учкандар элесин.

Эстеп үйдө балдарын,
Эңсеп үйдө алганын.

Төргө өткөрбөй душманды,
Төкпөдүңбү кандарын.

Ойлоп-ойлоп күлгөнүн,
Ойноп эркин жүргөнүн.
Канчасын кийди аталар,
Кан жыттанган күрмөнүн.

Адырга кою жайылган,
Аскерге кетип айылдан.
Алыска жөнөп кетээрде,
Ала-Тоом, сага тайынган.

Жондордон жылкы кайырган,
Жоокерлеп кетип айылдан.
Жергемде азыр куунаган,
Жеништин туусу сайылган.

Душмандын мизин майтарып,
Дууладык, азыр айталык!
Ак жолтой балдар атасы,
Тынчтыкты берген кайтарып.

## ДОНОР КЫЗГА

Кантип айтпайм алып калсаң жанымды,
Каалап мага берипсиң сен каныңды.
Элиң үчүн донор болуп жүргөн кыз,
Эч унутпайм түбөлүккө аныңды.

Такыр билбей таңдын качан атканын
Талмоорсунуп эстен танып жаткамын.
Жардам берип врачтардын ишине,
Жаным калды каның менен, аппагым.

Чоң күч менен көздү араң ачкамын,
Азыр соомун, айтып кеттим, башкамын.
Канын берген Кадырова Созул деп,
Көзүм чалды врачтардын жазганын.

Айдап чыгып алтын күндү булуттан,
Атың менин көңүлүмдү жылыткан,
Асылкечим, жандаш, кандаш донор кыз,
Анттан танаар эмгегиңди унуткан.

## БИЗ СОВЕТТИК МЕДИКПИЗ

Оору, сыркоо, өлүмдү,
Оң кылбайбыз дедик биз.
Ойрондойбуз кырсыкты,
Ошондуктан медикпиз.

Жоболоңдуу дарттарга,
Жол бербейлик дедик биз.
Алдын алган алардын
Ак халатчан медикпиз.

Уурдатпай адам өмүрүн,
Узарталы дедик биз.

Ушул сөзгө туруктуу,
Урмат-сыйлуу медикпиз.

Эмгек менен бакытты
Элге арнайлы дедик биз.
Билимге мекен сугарган,
Биз советтик медикпиз.

## КЫЯЛ ЧАБЫТЫ

Кызык болуп кечээ күн
Кыялдын суусун кечемин.
Өмүрүм болуп өлбөстөй
Өткөрөм ойдун неченин.

Таалайдын берип кезегин
Тапсак биз жашоо эсебин —
Өмүргө берген өбөлгө
Өкмөтүм деп сеземин!

Тартуулап жыргал кешигин
Таап берип кенчтин бешигин.
Бирибиз эмес, жалпыга
Билимдин ачты эшигин.

Партия баштап алдыга
Бак берип жалчы-жардыга.
Башынды жерге салдырган
Баягы турмуш калды да!

Жандырып адам үмүтүн
Жаркырайт шамдар күнү-түн.
Жашасын Ильич жолу деп,
Жаңырып чыгат биздин үн!

Партия болуп атабыз,
Баарына жетип жатабыз,
Бар болсун дайым гүл доорум
Бакыттын даамын татабыз!

Космос түз бизге багынса,
Кой, жылкы анда багылса.
Көчүрө турган аларды
Корабль да табылса.

Космосто костер жагылса,
Кош колдор анда чабылса.
Колунан барган меймандын
Комуздун үнү жаңырса.

Илимдин болсо калаасы
Иштесе жердин баласы.
Эгилип, бышып жер-жемиш,
Эгинге толсо талаасы.
Достук нур андан чачылса,
Доордук мектеп ачылса.
Достошуп бардык улуттар
Док урунмай жашынса...

# ТОО ШУМКАРЫ

Топосун ээрчип мамалак,
Тоосунда ойнойт сабалап.
Тойбостон көрсөң көз менен
Толкундуу ырлар жаралат.
Демикпей чыгып туу жонго
Де койчу кантип бара алат?!

Тоо көрдүм топос кырдаган,
Тоолукту көрдүм жыргаган,
Тоотпой ызгаар-аязды
Топосун кайрып ырдаган.
Ал жүргөн аска, зоолорго
Баралбайт башка бир да адам.

Ат жалы менен ойногон,
Ар-намыс жагын ойлогон,
Азамат менен жолуктум
Ак эмгекке тойбогон.
Эл алдында айтканын
Эч аткарбай койбогон.

Мылтыгын октоп тазалап,
Мыктылап атын жасанат.
Түн-күнү тоодо жүрсө да,
Түк тоотуп койбойт азамат.
Тоо шумкары — топозчу,
Тоолуктар тоону аша алат.

## КӨЛ ЫРГАКТАРЫ

Көп жазды көл жөнүндө далай акын,
Көркөмү мынча неге жанга жакын.
Көл эмес көңүл чери экенсиң ээ,
Көп жашты сенден алат менин калкым.
А балким толкуп жазып жаткандырсың
Ала-тоо, ата-баба сонун салтын.
Ардактуу кең СССР аймагында
Ачылды, дагы ачылат, көлүм, баркың,
жаркын даңкың!

Баарына салыштырып теңей албайм,
Баары бир баркыңды эч ченей албайм.
Күзгүсү көк асмандын өзүң белем,
Күч берген сага дайым көрктү тандайм.
Касиет как өзүңдү сулуу көлүм,
Канткенде сен жөнүндө күйүп-жанбайм.
Ыраазы боло калып эске түшсөн,
Ыракат ала калып ырымды арнайм,
куру барбайм!

Алыкул аймагынан ырлар тапкан,
Айланып жайы-кышы келип жаткан.
Шоокуму көлдүн укмуш көргөн жанга
Шооладай карегиңе дароо баткан.
Дары деп далай жолу кайра келет
Даанышман алтын көлдүн сырын тарткан.
Алтын кум жээгинден нурду жутуп,
Ар түрдүү арашандар оргуп аткан,
ар тараптан.

Ай тийсе андан бетер жайнайт экен,
Ансайын арашандар кайнайт экен.
Ак таңда көлгө куштар акын торгой
Артыкча дайым мактап сайрайт экен.
Байлыкка балкып жаткан Ысык-Көлүм
Бар кубат кучагына байлайт экен.
Өргүгөн жай айында ар бир адам
Өмүргө өбөк алат өтө бекем,
кубат сепкен.

Тоо менен сенде жатат толгон дастан
Толкундар куушуп ойноп кумар жазган.
Кыздардын седебиндей кымбаттуу көл,
Кыргыздын мол байлыгы ашып-ташкан.
Жээгинде шаар орноп, кыштак курчап,
Жергеме сен айландың курорт баскан,
кумар жазган.

## АРСЫЗДЫН МОНОЛОГУ

Тара-там, тара-там
Борбор жакка баратам.

Экзам берет мен үчүн
Энем менен чоң атам.

Күндө барам киного,
Курсак толот пибого.
Байланып турса козубуз
Баа койдурат досубуз.

Бой көтөрүп, кайгы нет
Болуп калам студент.

Танцылардан калбадым,
Такыр сабак албадым.

Акыл, кеңеш укпадым,
Ашканадан чыкпадым.

Жайын эмне сурадың
Жарым жылда куладым.

Эл, жериме батпадым,
Эчен көчө таптадым.

Тара-там, тара-там
Тамтаңдап кайда бараткам?

Жаманыңа түфө, түв,
Жакшы тура коллектив!..

## КУЛУНДУ

Кубарып жаткан талаага
Кулпунтуп суу бурулду.
Жашылдан кымкап жамынып
Жашара түштү Кулунду.

Талааңды ээлеп эмгекчи эл,
Татына үйлөр курулду.

Тарыхта калаар из баштап,
Таанылбай калдың, Кулунду.

Өзгөчө сүй деп эмгекти
Өстүрдүң кыз, уулуңду.
Баатырлар чыгып алардан
Бакытка батты Кулунду.

Жаңырып эмгек ырлары
Жаңылык басты туурунду.
Жаштардан чыгып жакшылар
Жаркыдың, көркөм Кулунду.

Алгалап өсө бергин деп,
Арнадым ушул ырымды.
Кубансын элиң эмгектен
Кулпуна бер, Кулунду!

## МЕКТЕБИМ ЖАНА МЕН

Мектебимди мен ойлосом окуган,
Мелтиреген жайлоо таңы аткансыйт.
Сарсанаамды санга бөлүп ошондо,
Садык агай сабак өтүп жаткансыйт.

Сабагыңа тыңсыңбы, — деп,— садага,
Сартору атын акем келет желдирип.
Сабак келет эми деле санаама,
Сатар агай бөлчөктөрүн бөлдүрүп.

Алып келген ал мектепке ээрчитип,
Адам бол деп айтып мага эне-атам.
Алиппе окуган күндөн тартып эмгиче,
Агай, Эжей, сиздерди эстеп келатам.

Мектебимди көргөн сайын кез-кезде
Мээрим карайм, өткөндү эстеп чыйралам.
Уктап жатып азыр деле түшүмдө
Уят болуп, сабак билбей кыйналам.

Ары өтсөм да, бери өтсөм да жанынан
Айланчыктап киргим келет ичине.
Жалаң «бешке» окуур элем деп коём,
Жаш күнүмдөй бала болсом кичине.

Кечикпейли, алалы деп билимди,
Кедендешип келчүбүз таң заарынан.
Биз жетилдик, канат кагып уядан,
Билим алып эжей, агай баарынан.

Ошондогу мугалимдер ошол кез,
Ойдосуңар кетсек дагы ыраактап.
Мен өндөнгөн далай жашты өстүргөн,
Мекениме, мектебиме ыракмат!

## ЖАЗ ЖАНА ЖАШТЫК

Шамал ызгып, чийдин башын жапырат,
Боз үй солк дейт, керөге-уук качырап.
Короолордон козу маарап, кой маарап,

Тээ күүгүмдө аздап барып басылат.
Көктү карайт чабан туруп короодон:
— Оо буюрса, эртең асман ачылат.

Жаз келди эми алпурушчу түн менен,
Жаштар мында уйку десе билбеген.
Таң атаарда «куш уйкуну» салат да,
Таң куланөөк кошо турат күн менен.
Сакманчылар жапатырмак күзөттө.
Сактап төлдү бирин-бири үндөгөн.

Демеп иштейт бири дагы мойнобой,
Эмгектен соң тура алышпайт ойнобой.
Жүрөгүндө эл ишенчин бек актап,
Жүзүм жарык боло көр деп ойлонмой.
Жаштык барда жалыны күч турбайбы,
Жарашыгын ишке арнап койгондой.
Күндүз чыгып, эки жакты карачы,
Кой-козуга толот кокту арасы.
Чабдар атчан кой кайырат ыр менен,
Чыйрак өскөн чоң чабандын баласы.
Чар тарапка улам-улам көз салып,
Чабан болсо төл алууда санаасы.
Жаздын көркү жаштар тура демдеген,
Жарыш десе дайым байге бербеген.
Утур-утур чабан сүйлөп бажактайт,
Ушул тура көп түкүрсө көл деген.
Эргүү менен эрктин күчү айкашып,
Эмгектенет жаштар анда дембе-дем.

# ЭЛИМ ЖҮРӨТ КАЙГЫРБАЙ

*(Хор)*

От болуп күйүп батыш жак
Ок учуп турган кандуу чак.
Эрк менен жеңдик душманды
Элиме конуп таалай-бак.

Тартипти сактап темирдей,
Талкаладык жеңилбей.

Түбөлүк мекен түзүп шарт
Түп көтөрө алып даңк.
Түйшүктү жеңдик түн-күндөп,
Түзүп тынчтык, алып барк.

Мекенди коргоп энедей,
Мерттинттик жоону ченебей.

Тарыхка жазып алтын сап,
Таалайга батты биздин жак.
Жергебиз болуп шайма-шай,
Жеңишке жеттик апаппак.

Тек, кайгы билбей кенедей,
Тептегиз азыр телегей.

Бейпилдик коргоп дайыма сак,
Бейкутта элим турган чак.

Жеңишке далай жеткирет,
Партия берген таалай-бак.

Эмгектен тынчтык айрылбай,
Эми элим жүрөт кайгырбай.

## ААЛАМДЫН ЖҮРӨГҮ

*(Хор)*

Таңы атып, күнү батпаган,
Такшалтып партия, баарын таптаган.
Түбөлүк тынчтык бизге түзүлүп,
Түптүгөл ааламды ал азыр каптаган.
Гүлдөгөн жериме,
Күжүрмөн элиме,
Айтабыз алкышты дайыма актаган.

Салты бар күтүп сактаган,
Даңкы зор элим барктаган.
СССР — достуктун соолбос булагы,
Сыймыктап дүйнө эли бүт мактаган.
Ынтымак бешиги,
Ырыстын эшиги,
Эркиндик, эмгекти ээлтен жактаган.

Аалмага ак жарык тараткан,
Алгалап адымы өйдөлөп бараткан.
Ал менин мейкин мекеним —
Саатына сансыз иш жараткан.
Туулары колунда,
Тууралык жолунда,

Суктантып душманды өзүнө караткан.
Ишинен ийгилик дайыма табылган,
Ильичтин өрнөгү кеңкенен таанылган.
Компасы — Компартия көрсөткөн жол,
Күчүнө бағынат күйгөн чагылган.
Ааламдын жүрөгү,
Ал — тынчтык тиреги,
Азыр бизге космос да багынган.

## ӨРГҮДҮ ЧИРКИН ТӨГӨРӨК

Алманын гүлү ачылып,
Апакай болуп чачылып.
Жапатырмак ишке деп,
Жаз келген тура ашыгып.

Өрүктүн гүлү ачылып,
Өзгөчө болуп чачылып.
Керемет экен жаз айы,
Кереги эмне жашырып.

Өткүнү кетти себелеп,
Өрт кылыч тартып жебелеп.
Өзөккө чейин жыт аңкып,
Өргүдү чиркин төгөрөк.

Келгин куш тынбай ташынып,
Келген жазга ашыгып.
Жумшактайт улам уясын,
Жумурткасын жашырып.

Сайлардын суусу таш уруп,
Самаган жакка баш уруп.
Санааңды басат көргөндө
Сар байчечек куллуруп.

## КЫЗ КУУМАЙ

Сапырылат ат жалы,
Сарсаана болуп арттагы.
Кыргыздын ойну кыз куумай,
Кылымдан берки салттагы.

Алдында бирөө бөлүнөт,
Артында чачы төгүлөт.
Ат ойноткон ак селки,
Айчүрөк сымак көрүнөт.

Тизгиндер колдо карышып,
Тигине келет жарышып,
Илгиртпей жетип жаш улан,
Имерди белге жабышып.

Жаркылдап куру белдеги,
Жагалмай сындуу эңгени.
Жибите сүйдү селкини,
Жигиттин ошо — жеңгени.

## КӨЛ ЭЛЕСИ

Ак куулар сылап канатын,
Акындар сынап талантын,
Акактай тунук Ысык-Көл,
Аларды тартмай адатың.
Ыракат алып өзүм да,
Ыр издеп кетип бараттым.

Жээгинден толкун жылтылдайт,
Жел менен ойноп кылтылдайт.
Куушса чардак көктө ойноп,
Кумуңдан жаштар ыр тыңдайт.
Тоолордун болуп күзгүсү,
Толкундайт көлүм, бир тынбайт.

Шарпылдайт толкун ыр ырдайт,
Шарына көлүм кымылдайт.
Жылт эте көлгө көз артып,
Жылдыздар түндө жымыңдайт.
Ала-Тоо дагы ашык го,
Айбыкпай, көлүм, чыныңды айт.

## БИРӨӨ ЭЛЕ

*(Түркмөн эл жомогу боюнча)*

Жол жүрүп бир карыя келе жатты,
Акактап, чарчагандан таңдай катты.
Айылдын чет жагынан кудук көрүп,
Адымдап ошол жакка жолун тартты.

Карыя сергий түштү, суусун канып,
Эс алып, ойлуу олтурду чапан салып.
Аңгыча келип калды эки-үч аял,
Ар кими эки-экиден чака алып.

Бир маалда четтеги аял сөзгө кирди,
(Мындайда аяйт беле кызыл тилди!!!)
Айылдын эң күчтүүсү менин балам,
Күрөшсө өз теңдүүдөн койбойт бирди.

— Аа,— деди экинчиси аны уккан,—
Сеники күчтүү элеби бирди жыккан.
Жарпыңды жазып коёт менин уулум,
Жашынан жаагын жанган ырчы чыккан.

Аларды үчүнчү аял уга берди,
Укса да унчукпастан тура берди.
— Балаңа баа бербейсиң кандайча,— деп,
Тиги экөө тимирендеп суроо берди.

— Балам бар, жок нерсе айтып
наалыбаймын,
Баламды жаман көрсөм жарыбаймын.
Эч деле мактай турган өнөрү жок,
Эсен жүрсүн эл ичинде кагылайын!!

Аялдар жол тартышты суу көтөрүп,
Абышка ээрчий басты күрс жөтөлүп.
Тыныгып суу алгандар турган кезде,
Тиги да аярдады жете келип.

Көз чалды ойноп жүргөн үч баланы,
Көпчүлүк ошол жакты бүт карады.
Алдыда дөөгүрсүгөн бирөө келет,
Тартипсиз — тарга айлантып Кең талааны.

Айтуу кыйын сүрөттөп анын жайын,
Апасы жетине албайт анткен сайын.
Баамдап көрүп турган карыяга,
Баланын «балбандыгы» болду дайын.

Да бирөө дарылдата үнүн салды,
Далайлар аң-таң эле болуп калды.
Көрсө бул «булбул» деген көсөл экен,
Энеси үнүн угуп «эрип» калды.

Унчукпай токтоо басып бирөө жетти,
Улууга саламын да айтып өттү.
Апасын айттырбастан байкай коюп,
Колунда кош чакасын илип кетти.

Арылап ал карыя жөнөөр кезде,
Аялдар аны унутпай, алып эске;
— Балдарды сынап берсең, акебай,— деп,
Баарысы кулак түрдү калыс сөзгө.

— Бул жерде балдарыңар гана,— деди,
Бир бала чалдыктырдым жана,— деди.
Намыс-ар, эне эмгегин унутпаган,
Нагыз уул суу алып кеткен бала — деди.

# ОКЕШТИН ООЗУ

Үйрүлүшөт баарысы,
Үйдөгү жашы, карысы —
Элүүдөгү энеси,
Отуздагы жеңеси.
Атасы менен папасы,
Эрке өссө кантет небереси?

Чырдаса чыга качышат,
Уктаса жылып басышат.
Ий, ооруду,— деп койсо,
Ичтери жаман ачышат.
Таң аткандан күн бата,
«Тарбия» берип жатышат.

Бардыгы аяп карашат,
Биринен бири талашат.
Кыскасы, бул балага,
Болгондун баарын каалашат.
Эне-атасы эп көрүп,
Эрке өстүргөн жатышат.

Колдо барын беришет,
Айтканын алып келишет.
Таттуу деген немени,
Таруудай эле төгүшөт.
Келип улам ар киши,
Кезек күтүп өбүшөт.

Тамак ичээр маалында,
Топтошуп алар жанында.

Кокусунан жакпасаң,
Калганың ошол каарына.
Бүткүл үйдү чаңдатып,
Бүлүк салат баарына.

Тикийип карап турасын,
Тийишип эмне кыласың?
Анда, Окештин оозу чоң,
Ап деп коёт андан соң,
Акырын кашык сунасың.
Жейт ошондо сугунуп,
Жем жегендей ылаачын.

Анан айтат кызыкты,
Алып кел дейт мышыкты.
Карматып коюп экөөнө,
Оозуна куят ысыкты.
Кокуй, тытып алды деп,
Ошол замат чуу чыкты.
Колдон чыгып чырылдап,
Мышык жөнөйт зырылдап.
Чалкасынан кулап ал,
Ыйлап жүрөт бырылдап.
Баштап алса чатакты,
Басылбайт такыр дырылдап.

Ыргыта тээп тамакты,
Ылдый салат кабакты.
Ата менен энеге
Ал окутат сабакты.
Үйгө эмне кирбейт,— деп
Итин дагы сабатты.

Көзүн карап турушат,
Сөзүн ийип угушат.
Тарбия берүү жөнүндө,
Күндө жыйын курушат.
Андай эмес, мындай деп,
Аягында чыгышат.

Баары жакшы баланын,
Баары жактайт талабын.
Өстүрсө эрке, эби жок,
Өөнөп коёт танабын.
«Энени көрүп кыз өсөт»,
«Атаны көрүп уул өсөт»,
Ушуну эске саламын.

## АЛА КАЗДЫН АРМАНЫ

Көз жумуп барам өзүңдөн
Көк ирим тарткан көлүм ай,
Камырабай жүрчү элем
Кайдан келди өлүм ай.

Канатым бүтүн учарда
Канча жолу сызбадым.
Кайкып өтүп көп жерди
Калькуттада кыштадым.

Омурткам оңдуу турганда
Ойноп канча сызбадым.
Дагы эле турат элестеп,
Далай шаарың, кыштагың.

Сопсоо турган денемди,
Сокур ок тешип кыйратты.
Соңумдан сүзгөн сонорду
Солкулдатып ыйлатты.
Оболотуп күү менен
Оюмча канча ойнодум.
Кагылайын көлүм ай
Өлбөймүн деп ойлодум.

Ийилтип белге ок тийип,
Ичимде кетти арманым.
Айланып муңдуу каркылдап,
Артымда калды балдарым.

Көлүмдө сүзүп баратып,
Окко учтум атып жиберген.
Өлтүрбө бөөдө бирөөнү,
Ушуну сурайм силерден!

Багытын билбей кайда учаар,
Балапан калды көлүмдө.
Учса экен алар алыска,
Учурабай өлүмгө!

## ОЙЛОСУН

Таза аба такыр зыян болбосун
Татынакай бөбөктөрүм ойлосун.
Дене чыңдап, шайба айдап, футбол тээп,

Дем алышсын, өз маалында ойлонсун.
Жаман адат жакшылыкка жеткирбейт
Жаш өспүрүм муну дайым ойлосун.

Жерде аяз же айтмакчы жай болсун
Жеткинчектер кумар кана ойносун.
Көз каранды ден соолук да спортко
Көпчүлүгү нак ошону ойлосун.
Жаш денени ысык-суукка көндүрбөй,
Жашык жана начар кылып койбосун.

## КАРЫЯЛАР

Карыялар кандай бизге барктуу,
Казал өңдүү жазып алган тарыхты.
Санжырга айтып, алар төрдө отурса,
Санат жеткис, салабаттуу, нарктуу.

Карыялар таңдан туруп көнүшкөн,
Кезегинде көп турмушту көрүшкөн.
Эми деле шайдоот, шайыр келишет,
Эртели-кеч мал айдаса өрүштөн.

Жаштарга үлгү, жакшы иштерге омоктуу,
Жатса, турса, эрмектешет жомокту.
Томсорттурбай толгон санат көп сүйлөп,
Тосуп алат үйгө келген конокту.

Карыялар үйдүн куту эмеспи,
Качан болсо айтып турат кеңешти.

Баарыбызга Улуу Октябрь нур чачып,
Бак-таалайлар ай-асманга теңешти.

## ЭКЕН

Береке десе, берекең
Белен болгон эме экен.
Арнап берген турбайбы
Ала-Тоом ай,
Ак элечек энекем.
Алакандай ак калпактуу бул кыргыз
Ааламдагы эчен калкка тең экен.
Кошул-ташыл бак берген
Компартия баштаган
Колунда бардар кең мекен.

Бак берген маңдай тер экен,
Баарына алпейим кең мекен.
Ийгилик алып, жол сызган
Ильич атам эр экен!
Кылымдан бери Ала-Тоо
Тынчтыкты сүйгөн жер экен.
Таштабай келген «Манасын»
Таланттуу кыргыз эл экен.

## ТОПОЗЧУ БАЛА ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Жайында жүрүп жайлоодо,
Жакшы элес калды көңүлдө.

Жазгым келди силерге,
Жаш топозчу жөнүндө.

Чоң атасы Болоттун,
Колхоздо топоз багуучу.
Мамалагын [1] өлтүрбөй,
Башына баш алуучу.

Каникулда ар дайым,
Болот келет жардамга.
Топозго чоңдор кеткенде,
Баш-көз болот балдарга.
Чоң атасы ал жылы,
Жайлаган «Чийлүү-Колотту».

Ар ишке таасын үйрөттү,
Ардактап уулу Болотту.

Чыйрак жана шамдагай,
Ат үстүндө тың болду.
Мылтык атып үйрөнүп,
Булчуңдар да чың болду.

Атасы айтты бир күнү:
— Жүр, топозду көрөлү.
Атын токуп шашылып,
Болот кошо жөнөдү.

Касаба мөңгү түбүндө,
Топоздор жүрөт жайылып.

[1] Мамалак — топоздун музоосу.

Мамалактар даң салат,
Типтик ылдый сайылып.
Суукту сүйчү мал экен,
Аязда койбойт кайыгып.

Айдаса баспай качырып,
Камданышат сүзгөнгө.
Жалт коюшат чуркашып,
Мылтык «тарс» дей түшкөндө.
Оонап кайра тартышат,
Булактан суу ичкенде.

Ат токунуп жөнөдү,
Августтун башы бир күнү.
Кантти экен топоздор,
Жамгыр жааган ал түнү.
Кашаттан туруп абайлай,
Кармады көзгө дүрбүнү.

Күндөгүдөй жайылбай,
Күтүрөйт текши токтолуп.
Жамандыкты сезгендей,
Жабыла турат октолуп.
Чоң топоздор көрүнөт,
Мамалактар жок болуп.
Камчы салып атына,
Жөнөдү Болот шашылып.
Карышкыр го деп баамдап,
Мылтыгын октой ашыгып.
Төр жагынан сайылта,
Төмөнгө түштү качырып.

Карышкырды камалап,
Ортого алар алыптыр.
Кашабаң качып чыга албай,
Как ортодо калыптыр.
Мамалактын биреөнүн
Капыстан ичин жарыптыр.

Ачуусу келип Болоттун,
Айкырып ийди көргөндө.
Топоздор тең жарылды,
Билгендей ээси келгенде.
Карышкыр качты булактап,
Туш келип бала мергенге.

Ат үстүнөн таамайлап,
Кош ооз ыкчам сунулду.
«Тарс» эткен үнгө кошулуп,
Карышкыр да кар сугунду.
Катуулап кетип баратып,
Үстөмөндөп жыгылды.

Дүрбөй түштү топоздор,
«Тарс» эткен мылтык үнүнөн.
Ат кошкурат жолобой,
Жырткычтын коркуп түрүнөн.
Түшө албайт Болот апкаарып,
Карышкырдын сүрүнөн.

Дирт-дирт этип карышкыр,
Жатып калды сулкуюп.
Арсайып азуу тиштери,

Тили чыкты бултуюп.
Топоздор кетип жайылып,
Ичи жарык мамалак,
Араң турат шылкыйып.

Түшө калып атынан,
Мамалакты кармады.
Ичеги-кардын ордуна,
Кайра сала албады.
Өлүп барат мамалак,
Эч бир айла калбады.

Айласы кетип Болоттун,
Ары-бери имерди.
Мамалак жан берген соң,
Макисин алып чөнтөктөн
Мууздап аны жиберди.
Коркуп калды апкаарып,
Мындайды мурун ким көрдү?

Дүргүп үркөн топоздор,
Дөбөгө барып токтошту.
Ачка болгон эмелер,
Анан барып оттошту.

## САДАГАСЫ, САГА АЙТАМ

Кечээ келген элек деп,
Көчө таптап делектеп.
Жанында жүрөт пивонун,

«Жашасын сары челек» деп.
Сигарет сунуп улууга,
«Сизге менден белек!» деп.
Тайманбай сүйлөйт, тайманбай:
«Таякем болот жөлөк,— деп,—
Экзамен деген турулуу,
Эне-атам барып берет» — деп.

Сөз менен тартсак сүрөткө,
Сөлөкөт түшөөр мүнөттө.
Эрке жаштар дагы бар,
Эне-атаны жүдөтмө.
Бала эмес — балээ сыяктуу
Бар чөнтөктү түгөтмө.
Тай-тайлатат жөнү жок,
Таянып «куру дүрмөткө».

«Оо балакетиң алайын!» —
Ошондо эже-агайың,
Окутту билим далайын.
Башында отоо отоп жүрдүңбү,
Башканын айтам кандайын?

Энең менен атаңдын,
Эми,
Жинине тийип албайын.
Бүтпөйт бекен азыр иш,
Пара берип бармайын?
Ойноп жүрдүң он жыл бүт,
Ошондой болбойт ар дайым.
Андан көрө «оюң» бар:

Атам-энем барында,
Балапан курак чагымда,
Билбестигиң сенин ал:
Максатың —
«Ойноп-күлүп чардайын!».

Ооба, эми
  ойноп-күлүп жүрөсүң,
Ошондой экен мүнөзүң.
Ата-энеңдин мойнуна
Отузга чейин минээрсиң.
Ары-бери урунуп
Анан,
Акылыңа кирээрсиң.
Кадырын ата-энеңдин,
Карый-карый билээрсиң.
Карлыгач сымал бир кызды
Кайсы бир күнү илээрсиң.
Түз турса анда сезимиң,
Түбөлүк өмүр сүрөөрсүң.
Базар болуп балдарың
Атамын деп жүрөөрсүң.

Ошондо өткөн жолду
                    караарсың,
Окуйм деп кайра самаарсың.
Белди эптеп бекем байланып,
Беш бөлмө үйдү салаарсың.
Же жарабай оокат кылышка,
Карабай кара жумушка,
Орто жолдо калаарсың.

Байкеси,
    мунуңдун саны канча деп
    Баландан сабак алаарсың.

Турмуштун тузун таткан көп,
Туурасын иштеп жаткан көп.
Илимдин түшүп артынан
Ийнелеп кудук казган көп.
Эмгеги элин сүйүнтүп
Эчен китеп жазган көп.

Өзү эмес, карап өзгөнү,
Өңүнөн сендей азган көп.
Эмгек менен окуудан,
Элдир-селдир качкан аз.
Даңктанып иштеп эл үчүн,
Далайы болду кашка баш.
Ата-энени сыйлаган,
Ал — абийирдүү өскөн сылык
    жаш

Кор кылба ата-энеңи,
Кошулаар анда жашка-жаш.
Жармашпай жаман жорого,
Жаркылдап жакшы жакка бас.
Эртеби-кечпи эс болсо,
Эмгектен тапкан ашка бас!

Жактырсаң-койсоң өзүң бил,
Жаман адат — ал шайтан.
Экзамен торко электей,

Эсиңе салып дагы айтам.
Сала көрбө бирөөнү,
Садагасы ,сага айтам.

## «АППАГЫМ»

*(Жанытма)*

Ата-энеңдин тапканын
Аймап түгөт, аппагым.
Кийим деген жыртылат
Кийгин, ичкин жакканын.
Аппагым ай, акмагым,
Сокур тыйын таппагын.

Азыр тирүү басканың,
Ата-энеңди бакканың.
Чөмүч менен түгөтүп,
Чөнтөктү бүт какканың.
Акмагым ай, аппагым.
Ал да иштеп жатканың.
Эл күтсө таңдын атканын,

Сен күткүн күндүн батканын.
Көчө таптап кыдырып
Көпчүлүккө батпадың.
Аппагым ай, акмагым,
Кана, Мүйүз тапканың?
Жакшылыкка баспадың,

Жамандык жакты барктадың.
Эки ортодо далактап,
Эмгекчи элге жакпадың.
Акмагым ай, аппагым,
Абийриңди сактагын!

## АЛДАП КЕТТИ

Жортуулчу — жойпу куу түлкү
Жолго чыкты секирип.
Жашыл мейкин ичинде
Жаткан болчу кекилик.
Жакындап ал учканда
Жашынды түлкү өкүнүп.
Кар түшкөндө карап тур,
Калганын көрөм бекинип!

Айлар өтүп аптадан
Ак кар басты талааны.
Аңды, дөңдү кыдырып
Аңтарып түлкү карады.
Көзүнө шум түлкүнүн
Көрүнбөйт жандын караанын.
Ак тон кийген Кекеңди
Алты айланса табабы!?

Жаз келгенде кекилик
Жакшы уя-жай салды.
Жер өңүнө окшогон
Жумуртка тууп жайланды.

Кеткенче бул уядан
Кетирем деп айланды,
Жетилсе бардык балапан
Жеймин деп түлкү айланды.
Жай айланып келгенде
Жетти түлкү ашыгып.
Уядагы сары оозлор
Уча албай качты шашылып.
Жан айла кылып энеси
Жатты канат капшырып.
Эми түштү колго деп
«Ап» деди түлкү качырып.
Куу түлкү куурай тиштеди
Куулукка көнгөн машыгып.
Балапандар ал кезде
Баары калган жашынып.

Кээде жатып, кээде учуп
Кекилик нечен алдады,
Кыйноого түшүп куу түлкү
Кыймылдаар алы калбады.
Баары бир муну жебесем,
Бар эмеспи балдары.
Айтып оозун жыйганча
Алардын изсиз карааны.
Тим жүрбөгөн шумпайың
Тиштикти тиктеп талааны.

Санаасы тынып түлкүдөн
Сайрады эле кекилик,
Сары ооз балапандары

Туш-туштан чыкты секирип.
Алдадык дешип душманды
Айласын такыр кетирип.
Ошондон бери жүрөт дейт,
Оңбогон түлкү өкүнүп.

## ТАКАЙДЫН ТАРБИЯСЫНЫН ТАРЖЫМАЛЫ

— Акактай апакайым,
Атасын тарткан накайым.
Кадим эле атасы,
Карасаң, соорусу менен бакайын.
Кулагы тим эле өзүмдүктү,
Куюп койгондой атайын.
Ичип-же, иштебе,
Азабын эмгектин —
Өзүм эле тартайын.
Жүдөбөй эркин өс,
Жүктүн баарын өзүмө артайын!
Секелегим сенден башкам жок,
Өлгөнчө өзүңдү өстүрүп барктайын!
(Ушинтип өстүрдү эшек такайын)
Чоңоюп өскөн күнүндө —
Күндөрдүн биринде
Жанына чакырып алды атайын.
Жаман сезип турам өзүмдү
Жалмагандай бир нерсе алып келчи,
Жакшылап жеп, жылуу жатайын,
Бардык ылаң бир келгенби, балакеттики,
Бастырбай ооруйт башым менен бакайым,—

Деп картаң эне эшек,
Онтолоп жатты жанын безеп.
Ошондо тигил «арам чечек»
Айткан сөзү бул сөөмөйүн кесеп:
— Андай-андай ооруну,
Менин жүрөгүм деле сезет.
Баш, бакай кара жерге кирсин —
Жаның аман жүрсүн,
Бакайың ооруса боюң өсөт.
Эч кимге көрүнбөй кетейин,
Эртең эл жайлоого көчөт.
Сен ылаңсыңбы, же соо кулансыңбы,
Аны мал доктор чечет.
Эмчек сүтүн бергенин колко кылып,
Эмнеге эле бул мени эзет.
Чөп тигине, алып же,
Жумшартып сууга малып же,
Жакындасам пыр-сыр жабышат,
Андан көрө, басып барып же!
Мындан артык эмне кылайын,
Бузулуп турат ырайың.
Акча бер жол киреге,
Алып жаным тынайын.
Баланчанын баласы карыз алган дедиртип,
Башка кимден сурайын?
Өзүңдүн колуңдан эч нерсе келбесе,
Өлүп калар күнүң кайда ылайым.
Эми, берген акчаңа ыракмат,
Эл көрө электе,
    акырындап жылайын.
Мына,

Эшек эркелетип өстүргөн такайдын сөзү.
Элге кошулуп, буга күбө болгон өзү,
Ишенбесең мына, «Бытыйдын көзү».

## ТАБИГАТ МЕНЕН ТААНЫШТЫК

Карыя бар калк сүйгөн
«Кара үңкүрдү» жайлаган.
Ээси болуп токойдун,
Эгин өңдүү айдаган.
Кышпы, мейли жайыбы,
Кызыктуу көрсөң айланаң.

Ушул жылы жайында
Бардык ошол айылга.
Капчыгай жыш толуптур
Карагай, арча, кайыңга.
Жалпы аны сүрөттөп
Жазууга жетпейт шайың да.

Агын суунун боюнда
Ак боз үй бар татына.
Эң куп турат жарашып
Эки «Ак-Таштын» чатына.
Уулу экөөбүз Карынын
Учкашып келдик атына.

— Чаңкап келди балдар,— деп
Чайкап куюп кымызын.

Төргө өткөрүп карыя
Төгүүдө колдо ырысын.

Жаттык окшойт ал түнү
Түн ортосу болгондо,
Түндүк араң тартылды
Көккө жылдыз толгондо.
Бутту серппей уктаппыз,
Биринчи келипконгондо.

Эң ажайып жер экен
Эртең менен карасам.
Булак сүйлөп бир жерден
Бир жерден оргуйт арашан.
Бийик чыксам өйдөлөп
Булут менен жанашам.

Мөлдүр суута чайкандык
Мөңгүдөн мөңкүп башталган.
Шапатасы укмуш ээ,
Шаркырагы баш жарган!
Фонтан өңдүү атылып,
Шашып аттайт таштардан.

Көк майсанга жыңайлак
Көңүл ачып даң салдык.
Байчечекей, түрдүү гүл
Баарын көрүп таң калдык.
Татына жердин сүрөтүн
Табигаттан таап алдык.
Шаршенбай жакшы киши экен

Шайыр сүйлөп кеп салат.
Шаардан келген балдарым
Шашпагыла,— деп калат.
Кооз ушул чөйрөнү
Коргоо өзү жакшы адат.
Биздин ушул байлыкты
Билбес адам кыйратат.
Тапканын кырып, аткылап
Табигатты ыйлатат.
Багыш керек бардыгын —
Кайра алар сый тартат.

Торолдум, эми карыдым
Табигат менен аралаш.
Жалаң өзүн ойлосо,
Жашай берет кара баш.
Жаратылыш зор байлык,
Жоготуу аны жарабас.

Көптү айтып карыя
Көсөмдүк жайын билгизди.
Китептен алган билимге
Кошумча да киргизди.
— Кыдырып көргөн жакшы,— деп
Кош атты токуп мингизди.

Көргөндөрдү ал жактан
Көкүрөккө жаттадым.
Билет экен карыя
Дүйүм чөптүн аттарын.

Ышкын менен кымыздык
Даамын сызып таткандым.

Балжууран менен карагат
Берип бизге колунан,
Витамин көп мында деп
Билгизе сүйлөйт соңунан.
Кыйып алып көрсөтөт
Кымыздыктын чоңунан.
«Тогуз кабат тон кийген»

Кызыл кабык деп коёт.
Пияздан дагы өткүр го,
Ачуурканбай жеп коёт.
Тоодо экен болгон жашылча
Тонналап жесе ким тоёт?!

Көптөн кийин токтодук
Көбүргөн өскөн белеске,
Айдап койгон аштыктай,
Азыр да көздө элесте.
Баш байлап бара жатыптыр
Терип алдык бир десте.

Доңуз сырт менен бетеге
Добушка кулак түргөнсүйт,
Үйрүлүп ага тентек жел
Үстүнөн желпип жүргөнсүйт.
Чөйрөдөн учуп чакчыгай,
Чөөлөрдү туурап күлгөнсүйт.

Гүлүстөн тоону аралап,
Гүлдөрдү көрдүк жайнаган.
Кумар болуп аларга
Куштарды уктук сайраган.
Ай, көрдүк төрдүн соорусун,
Адамдын эркин байлаган.

Чөп тиштей качып чөндөлөй
Чокчоё калат серендеп.
Камырабайт жетик суур
Кыш камын жүргөн белендеп.
Ышкырып жакын жеткенде
Ыксырайт туруп элендеп.

Бир учурда карыя
Бизди жаңсап токтолот.
Чааңк деген үн чыгып,
Чаарчык кайра жок болот.
Мындайды көргөн адамзат
Мылтыгын неге октомок?

Кай жагыңа көз салсаң
Калдыркан менен көпөлөк.
Кара, кызыл, сарысы
Кайкып учат көкөлөп.
Кармап жаттык тажабай
Гербарий жыйып, экөөлөп.

Казып алып бир чөптү
Карыя бизге карады.
Таасиндеп көпкө тигиле

Тамырын анын санады.
— Ушул болот, балдарым.
Миң тамыр деген жанагы.

Илгертен айтып келишкен
Илимпоз жашы, карысы.
Көрдүңөрбү, ушул чөп
Көп жашоонун дарысы.
Жете иштетсе даба го,
Жер-сууда чөптүн баарысы.

Ботаник окшойт тубаса,
Окубай баарын тааныган.
Издеп тапты бир нерсе
Кара асканын жанынан.
Кесип татты даамын,
Кестигин алып жанынан.

Момуя деп айтканын
Момурап угуп жаттадык.
Биз да издеп жүгүрүп,
Бирок андай таппадык.
Сыныкка сеп болот дейт.
Сыныгын бөртүп сактадык.

Жолдошум чуркап жөнөдү
Жолдон көрүп уларды.
Жакындап ага жетээрде
Жалп этип жерге куланды.
Капа болду карыя
Карап туруп буларды.

Чалкадан аны жаткырып
Уулжан берип жыттатты.
Эч тургузбай ордунан
Эки саатка уктатты.
Ооп ары чокудан
Ошол кезде күн батты.

Түктүйө түштүм мен дагы
Түк көрбөгөм мындайды.
Түгөнгөн менин жолдошум
«Түтөк» болгон турбайбы.
Катуу кыймыл болбойт,—дейт
Катыгүн анда жылбайлы!

Жолдошум турду бир маалда
Жүрөксүй тартып азыраак.
Коломтодо улуу от
Күйүп жатты чатырап.
Ала күйгөн чычала
Айланага атылат.
Таш калдырайт кез-кезде

Так маңдайда шагылдан.
Зикир чалат өзүнчө
Таңдайы каткан бабырган.
Үрөйдү кээде учурат
Үкүнүн үнү жаңырган.

Мүлдө сөз айтты карыя
Мүнүшкөр, аңчы жөнүндө.
Адыл мерген баяны

Анда түшөт көңүлгө.
Кокус келип жез кемпир
Көрбөсөм экен өңүмдө.

Жаттык тыңшап мемиреп
Жомокко жомок уланып.
Кээде келип түркүн ой
Кээде эсти чыгарып.
Жылдыздар тыңшап
жаткансыйт
Жылт-жылт жана кубанып.

Коломтодо от өчүп,
Жыты келет арчанын.
— Уктагыла балдар,— дейт,—
Мен дагы абдан чарчадым.
Кары эмеспи, Алакең
Башын айтты канчанын.

Эртең менен ойгонсок
Эң бир укмуш теребел.
Ийилтип чөптүн баштарын
Ичиркентет салкын жел.
Тоңгону аз калгандай,
Тоо булагы мөл-мөл-мөл.

Күрдөөлдү зоодон кылтыйып,
Күндүн көзү көрүндү.
Шордуудан чыккан көз жаштай
Шүүдүрүмдөр төгүлдү.

Бийик тоодо дем алуу
Бийлеп кетти көңүлдү.

Карыяны биз ээрчип
Кайра үйгө жөнөдүк.
Камчы сапка жарайт дейт,
Табылгыдан өңөрүп.
Бирден жасап беремин
Өрүп, күмүш чөгөрүп.

Жолдо карай жөн келбей
Карайт чөптүн тамырын.
Карасаңар — бул жалбыз,
Мунусу болсо — мамыры.
Көптөгөн дары чөптөрдүн
Көрсөтүп жүрдү ар кылын.

Аккодол менен чекенде
Алар да жарайт дарыга.
Уу коргошун, күч ала,
Изилдеп жатат аны да.
Жасалууда көп дары
Жаңынын иши жаңы да!

Төө куйрук менен төө тапан
Айбан да аны карабайт.
Кыртышты сактайт булар да
Кыйратып салуу жарабайт.
Көңүлгө тете табигат
Көрбөсөң кызык тарабайт.

Көзгө урунган чөп-чардын
Көп сурадык аттарын.
Жармын жаттап үлгүрүп,
Жармын жазып каттадым.
Кээ бирөөнү келгенде
Китептен издеп таппадым.

Чычырканакка көз салды
Сагызган конгон башына.
Тоёт деди сугалак
Сапсары болгон ашына.
Бул да адамга пайда экен
Билип койсо жакшы да.

...Ойбоор менен эс алып,
Ойноп-күлүп, алыштык.
Ат минип тоону аралап
Алакең менен жарыштык.
Таза абада ден чыңап,
Табигат менен тааныштык.

## ЫСКАК ЭМНЕГЕ ЫЙЛАЙТ?

Эч нерседен капары жок оюнда
Эне жүргөн үйдүн ичин желдетип.
Терезеде Ыскак ыйлап отурат,
Түйшүк тартып, көздүн жашын көлдөтүп.

Журнал окуп соо отурган эми эле,
Жооп айтат суроо берсе, энеге.

Буркан-шаркан ыза болгон эмедей
Басылчудай түрү жок го деги эле.

— Оой, каралдым, оорудубу бир жериң?
Ошонунду, мен куруюн, билбедим.
Баштабачы жаман жоро садага,
Бая эле мен эмне мында кирбедим?

— Жок, энеке, ары кылсын ооруну,
Ич күйгүзөт ач көздөрдүн жоругу.
Испан жакта өлүп жатат бул бала,
Түшүнөсүз, окусаңыз мобуну!

— Ал жактарда азыр деле кул барбы,
Ачка экен, адам таппас пул барбы?
Эзип жатат байкуш жетим баланы,
Энекебай, окусаң бул журналды?!

Баласына боору ачып тартылып,
Баштагыдан ысып сүйүп артылып.
Кошо окуду эне дагы журналды
Көз айнегин шаша-буша тартынып.

...Устакана. Семиз — уста, жаш бала,
Кийими жыртык, карды дайым ач бала.
Көрүк басат күнү бою тынбастан
Көңүл бурбай бир тамактан башкага.

Кээде үргүлөйт чийдей колу калтырап
Көрүк анда күйбөйт кызып күркүрөп.
Колго чабат араң турган баланы

Кожоюндун жини келип зиркиреп.
— Дуниои,— дейт,— айдап салам көчөгө,
Дундуксуңбу, сенин жашың нечеде?
Эсте болсун, менден кетсең, өлөсүң,
Эскерткенмин муну сага кечөө эле?

Иштейт кайра иймелеңдеп араң жан,
Көзгө элестейт инжир, өрүк, таттуу нан.
Чара канча, чарчап, жадап бүттү го,
Чала тоют, жалаң сызга жатуудан!!

Жакшы го дейт балыкчылар жүргөн жак,
Барат эле эгер болсо дени сак.
Ичтен сызат бушаймандуу өзүнчө
Иктио дос айткандарын бек сактап.

Торум болсо, кошо балык кармашсам,
Топтоп алып, аны сүткө алмашсам.
Акча таап кожоюндан кутулуп,
Адам болоор бир ак ишке жармашсам.

Деп магдырап кыялдарга батканда
Деңиз үстү сонун болуп жатканда...
Колу жүндүү, коргошундай салмагы,
Кожоюну коюп калды капталга.

Кибиреген байкуш учуп кулады,
Күү-чууларга толуп кетти кулагы.
— Жазыгым жок, ура көрбө, байкебай?!
Жалбарынды, кожоюндан суранды.

Серт кожоюн бала сөзүн угабы,
«Секет» өңдүү ал байкуштун убалы.
Ал аңгыча кирип келип Иктио,
— Ал-абалың кандайча? — деп сурады.

Тура албастан бүт денеси шалдырап,
Кожоюнун көзү тиктейт жалдырап.
Түшүнүксүз сөздөрдү айтып балага
Тигил көркоо эшикке чыкты балдырап.

Айттырбастан балыкчы аны түшүндү,
Ала келген мөмө суусун ичирди.
Чөгөлөтүп, аны өйдө көтөрүп,
Чөнтөгүнө бир нерсени түшүрдү.

— Колдон келген ушул эле садага,
Кожоюндун жоругуна караба.
Кайра кетти Иктио дос турбастан,
Кайрат айтып калп да болсо балага.

Жанагыны бала алып караса,
Жанып турат караганга тамаша.
Коррал* экен колундагы баланын
Кызыл гүлдөй жаңы үзгөн таптаза.

Оюнда жок муну анын сатууга,
Андан көрө, амал керек катууга.
— Белек үчүн сонун нерсе турбайбы
Берүү керек бир балага тартууга.

---

Коррал — деңиз өсүмдүгү, катканда асыл таштай кооз болуп калат.

Күтмөк беле кожоюнду келсин деп,
Көрбөйт ыраа көркоо аны көрсүн деп.
Көрүк кылып көңүлүнөн Дуниондун,
Көчө менен бара жатты безилдеп.

Көк базарга көчө кырка тартылган
Көп адамдын сугу түшүп артылган.—
Жаңы гана кадам шилтей бергенде
Кожоюндун үнү чыкты артынан.

— Кармалбайын кожоюндун колуна,
Катуу чуркап түшөйүн мен жолума.
Кара жаны чарк айланып баратты,
Карабастан оңу менен солуна.

Ал ангыча соодагерлер ызылдап,
Арт жагынан баары түштү тызылдап.
«Карма, карма!» деген сөздөр көбөйдү,
Канча киши келет, билбейт, кыжылдап?

— Кудайым ай, канча кууган киши бар,
Кур кыйкырып менде эмне иши бар?
Кайдан билет, бала эмеспи башы жаш,
Куу соодагер болот тура ичи тар.

— Бере көр,— деп,— иштеримди оңуна,
Бала барат жеткирбестей жолунда.
— Бек сакта,— деп бере койду буюмун,
Бурулушта турган кыздын колуна.

Ал аңгыча арттан жетип калышты,
Ач баланы таш бараңга алышты.
Балжа-булжа канабаган жери жок,
Башын дагы жанча коюп жарышты...

Эненин да каңырыгы түтөдү,
Эзүүлөргө назик жүрөк түтөбү?!
Атабы таң ал өңдөнгөн өлкөдө,
Ачкачылык, согуш деген бүтөбү?

## ТЕРМЕ

«Сасык тумоо» тийген чүчкүрөт,
Саналуу адам үшкүрөт.
Кокустан күлгөн бышкырат,
«Ырыс кесер» ышкырат.
Эмгекчил уул иш кылат,
Жаман адам зыяндуу
Айыкпас дартка туш кылат.

Жай айы күндүн жылуусу,
Жакшы акыл айтаар улуусу.
«Аракет кылсаң — берекет»,
Максатта ойдун туулушу.
Кызматы жакса элиңе
Кызыңдын ошол сулуусу.

Тарбия болсо башынан,
Таалимдүү өсмөк жашынан.
Акыл сурап кеңешип

Атанын кетпейт кашынан.
Күндө үйрөнсө өнөрдү
Күчтөрү ошол ташыган.

Жеңиш алган даңкталат,
«Жел өпкө» жайсыз мактанат.
Жоготкон менен уурдаткан:
Өткөндөн кийин сактанат.
Эмгеги берсе ийгилик
Эл сүйгөн адам даңкталат.

Сылык болот өсөөрдө,
Сыр айтпа «ырыс кесерге».
Мант бердирет жолуңдан,
Максатыңа жетээрде,
Адамдын чындык сапаты,
Айтканын актап өтөөрдө.

Саргарат өтө сагынган,
Саламга келбейт таарынган.
Көрүнө ошол кошомат —
Көзүңдү көрсө жагынган.
Чечкинсиздик белгиси —
Тагдырга мөгдөп багынган.

Жеңил адам урушчаак,
Таланттуу адам тырышчаак.
Сагызганда кулак сак,
Тоту куштун тили так.
Эмгекке жогун билгизип,
Эркенин дайым колу ак.

Соодагер саран тыйынга,
Сүрдөбөйт чечен жыйында.
Сырын билбес жолдошко,
Ишенбе да, сыйынба.
Суранса бирөө зарылып,
Берээр болсоң кыйылба.

## АДАШКАН МЫШЫК

(Жомок-тамсил)

Балдар, силер!
Жомок угууну каалайсыңарбы?
(Анын кадырын баалайсыңарбы?)
Эмесе силерге жомокко аралаш кеңеш,
Улууну урматтап, сөзүн уккан жаман эмес.

Анда башканы таштадык,
Жомогубузду баштадык.
Каарманы бала мышык
Жаңы кирди эшиктен башбагып.

Кезегинде төрөлүптүр бир кичинекей мышык
Деле өзүнүн оюнча: чыйрак, сөзгө бышык.
Дердеңдейт басса-турса мурдун көтөрүп:
Жаңы эле балакатка толсом да,
(«Мышыктын баласы болсом да,
Жаңылык ачып же китеп жазып,
же кен казып,
турганда күчүм ташып,
Жалпыга көрсөтөмүн кызык»)
Деп күндөрдүн биринде жоголуптур сызып.

Таманы ташка тийбей ысып,
Ал кургур кайдан билсин иштегенин бузук.
Кеткенде барат кайда?
Кенебей издептир эмгексиз пайда,
Жойлоптур жоболоңу жоруксуз жайда.
Ата-энесинин ичи тызылдап калат,
Ар кайсы жакка телефон чалат.
Оорукана жана башкасына да барат.
Ата-энеси эмес, айыл-апасы
Арбап сары санаа, капасы
Түшүп калат «кокуй алат».
Ушундай убара болушмак деп,
Ичинен салып кеп
Мышык мыйыгынан күлүп,
«Кайгысы жок
кара суу менен өмүр сүрүп»
Какыраган сайдан байыр алат.
Кейип-кепчип угуп-көргөн
Келтирбесе экен дейт ата-энеге наалат.

Күндөр өтө берди
Күйүттүү кездер келди.
Ачка олтуруп мышык оолукту,
Анан бир түлкүгө жолукту.
Кебетең келишкен барак экенсиң,
Жигит эмес эле жекенсиң,
Мен сага табам,— деди,— бай колукту.
Ошондо соёбуз колго байлаган соолукту.
Кайната кылып беремин сага
Калтар түлкүдөй тоолукту.
Катарлатып чычкан айдап барып,

Колуктунун башына салабыз жоолукту.
Мышык ошондо сүйүнүп кетип,
Түлкүгө кол куушура таазим этип,
Араң сөзгө келди: түкө, болупту... болупту...

Түлкү тигини көз көрүнө азгырды,
Түрдүү сөз айтып мас кылды.
Эки дүйнөнүн ортосунда калкытып,
Эне-атасынын эркелеткенинен жаш кылды.
Эмитен калың камдай бер деп,
Эң майда уурулук — чөнтөкчүлүккө маш
кылды.
Ичкенин — ирим, жегенин — желим кылып
азгырды.
Түлкү жатат кээде бүркөө кабак,
кээде каткырып.
Түнкү олжодон мышыкка бөлүп шат
кылды.
Тиги байкуш оронсо,
каяша айтса,
Тим жаткырат «бөдөнөнүн сүтүнө бөлөп
мас кылып».
Ошентип күн өтө берди жылып,
Эртең менен турса түлкү сылык:
Кечээги кылыгынды эстесем,
кубалагым келет уруп,
Жаакка чаап туруп:
Кой, садага, агаң эмесминби деп
Козгоп кеп
Кыңшылайт анан арамза улуп.
Дүйнөгө бир келесиң, бир өлөсүң,

Алып келе бер колго тийгенди жулуп.
Жамандык жакка ооп калып,
Кээде жардан ала салып,
Кээде бирөө сүйрөп барып.
Кээде көчөдө жатып талып,
Айбанаттардын арасынан жаман атак алып,
Мышык этинен түштү арып.
«Бешиктен бели чыкпай карып»,
Ооруга чалдыкты, болгондо да «сарык».

Күндөр өтөт
Мышык мыйыгынан күлгөн мезгил кетет.
Түлкү болсо түнөгүнө калтырып,
Анын ата-энесине жетет.
«Балаңарды мен таптым,
бир жыл бактым»,
Деп боорукер боло кетет.
Ата-эне бар сыйын көрсөтүп
ыракым этет.
Жалгыз баласы болсо,
Антпегенде кантет?

Бала мышык эч нерсе билбейт,
Жүнү кирдейт.
Качан келет, тамак берет,—
Түлкүнү тилдейт.
Курсагынын ачынан көзүн араң ирмейт.
Ийинден чыгуудан сүрдөйт,
Ойлонот, оорусунан айыкса окуп,
Жолборс, арстандай чоң болуп «гүлдөйт»,
Ата-энени таштап тентип жүрбөйт.

Бир күнү ак куу аны тапты,
Дарылап, бакты.
Мышыкка дарылоо майдай жакты.
Жаңылган «жаман»
Ошондо анан
Ата-энесинин үйүнө баш бакты.

Эсендешип берип колду,
Экинчи эч кимден уруксатсыз,
Эч жакка баспас болду.

# ЧЕҚ АРАДАГЫ ОҚУЯ

*(Поэма)*

Қашка суулар мөңкүп аккан,
Қарлар тоого мөңгү жапкан.
Төр жайлоосу
        төшөп коюп бетегесин
Жаз келгенде,
        жакасына гүлүн таккан.
Чет жакада чек ара бар —
Жат душмандан
        Биздин уулдар коргоп жаткан.
Қандай эрдик жаратууда
        биздин уулдар
Қана эмесе,
      Қабар айтам ошол жактан.
Жай саратан
      жайлоо бышкан маалында.
Жакшылык бар
      Жамбаштаган атасынын жанында.
Айтып жатты баласына баяндап
Жакыр турмуш —
      жаман абал — баарын да.
Кан төккөнүн
      Мекен үчүн, эл үчүн

Эрик таңы
жаңы аткан чагын да.
Бир жагынан
бай-манаптар жемелеп,
Бир жагынан
бий болушу тебелеп,
Кемтик болуп
оокат жетпей оору көп
Кара тумоо
кар жаагандай себелеп.
Басмачылар
басып кирди бир жактан
Кордоп элди,
колдо барын келелеп!
Эзилген эл
Эмгекчилер баш көтөрдү баарысы,
Жанды үрөп
жашы менен карысы.
Атын угуп
Улуу Ленин атанын
Айкын болду
биздин мүдөө калысы.
Жакшы максат
алга үндөп элимди
Жакын болду
жолдун өтө алысы.
Кан соргучтар
карбаластап дүңгүрөгөн дүбүрттөн
Каптап кирди
Коммунизм—сулуу таңдын арышы.
...Ошол кезде

мен да барып катталдым.
Октябрь деп
жоого каршы аттандым.
Аянбастан
актар менен күрөшүп,
Атчандарга
«Баатыр жоокер» аталдым.
«Жеңишинди»
уланта бер деп жазган,
Жердешибиз —
Фрунзеден кат алдым.
Кайра кайттык
Актарды бүт талкалап,
Андан кийин
жаткан жоклус чалкалап.
Колхоз куруп
жаңы эле ишке киргенде
Басмачылар
баш кесерлер кирип келди
жакалап.
Түп көтөрө
ага аттандык эр бүлө,
Түзүп алган
гүл турмушту калкалап.
Түн жамына
кан ичерлер качырат,
Түндүк түшүп,
кереге, уук качырап.
Аман калган
качып-бозуп жашынат.
Кызыл жоокер

алыс болгон жайларда
Кычап-кыйнап
басмачылар ашынат.
«Сары изине
саман таштап, чөп салдык»
Акыр баарын
жоюп-кырып өчтү алдык...
Андан дагы калгандарын —
салдарын
Чектен ары —
чет жакага кууп бардык...

Ал аңгыча капыстан
Айтылган сөз басылды.
«Ичип-жеп» — жан талашып,
Ит бирөөнү качырды.
Ай-буюна карабай
Алкым жакка асылды.

Чуркап жетип Жакшылык
Итине айтты буйругун,
Бугуп калды Киреше
Булгап коюп куйругун.
Кадам шилтей бейтааныш
Кармалап колдун сыйрыгын.

Ата, бала жайгашты
Алик берип саламга.
Көздөр калды кадалып
Көрбөгөн бул адамга.
Чек арада ар дайым

Сак болбосо жаман да!
Чоо-жайларды сурашып,
Чоочун адам жайланды.
Жутап арац келгенсип,
Жутту берген айранды.
Курун чечип, кармалап,
Кайра бекем байланды.

— Геологдор менен кошулуп
Келгендин мен бирөөмүн.
Кендерди таап, жер кезип
Жерлерди чалып жүрөмүн.
Кечөө күнү кеч калып
Колотто жалгыз түнөдүм.

Аларды болсо жогору
Алып барып койгонмун.
Анча-мынча иштер бар
Азыр мен төмөн-ойдомун.
Айрандын мына акчасы
Атаке, капа болбогун?!

Айранга акча сунганда
Ата, бала түшүндү.
Карабай ал акчага
Кабагын карыш түшүрдү.
Бул эмнеси дегенсип,
Чочун адам үшкүрдү.

— Акты сунуп мейманга
Андан акча албайбыз.
Силерчилеп базарга
Соода кылып барбайбыз.
Конок келсе күтөбүз,
Козу бар союп камдайбыз.

Кана уулум камдангын
Конокко козу соёлук.
Акча сунган немени
Ашкере кылып коёлук.
Шылтоосу менен меймандын
Биз дагы бир тоёлук!?

Атанын айткан сөзүнө
Аябай тигил таңданды.
— Кейибеңиз, ата жан
Кетемин деп камданды
— Жебей кетсең беш барма..
Салам деди жаңжалды.

— Ак калпактуу журтумдун
Агы качан сатылды?
Тойпоңдобой ой бала,
Току деди атымды.
Кур чыгарбайм башынан
Конок эмес, жатымды.

Аны угуп баласы
Атын токуп жүгүрдү.
Оңтойсуз болуп тиги адам

Отуруп калды, түңүлдү.
Тиктеше калып ит менен
Тизеси араң бүгүлдү.

Алдагы жерге от жагып,
Асып койгун казанды.
Конокко кошуп чакырам
Коңшубек менен Асанды.
Кокустан кетсе коногуң
Колуңа берем жазанды.
Чай бергиниң акеңе,
Чарчап келди, садага.
Отуруп тур эс алып
Оо, мейманым жадаба!
Айтылган сөз астыртан
Маалим болду балага.

Жөн эле койбой, аке — деп,
Жан талашат коногу.
Анте албайсың улуунун —
Айтканы эки болобу.
Эрмектеп муну окуй тур
Эл чыгарган жомогу.

Ушуну айтып үй ээси
Китеп берип колуна,
Шарт темине бастырып
Шаша түштү жолуна.
Бадалга кире бергенде
Басты камчы сооруга.

Окчундап ата кеткен соң
Окубай китеп ал адам,
Суу менен жердин шарттарын
Сурай берди баладан.
— Окуйсуң,—дейт,—сен жигит,
Кайсы шаар, кайсы калаадан?

Сүрдөбөй андан Жакшылык
Сүйлөдү оозго киргенин.
Бири жалган, бири чын
Бүт айта берди билгенин.
Байкап жатты тигинин
Баамдап сөздү илгенин.

Жакшылыкты тиги адам
Жакшысың деп мактады.
Геологго эң керек деп
Жер аттарын тактады.
Кайталап көп айттырып
Эл аттарын жаттады.

Чыканактан бир маалда
Ырм этем деп кулады.
Коңурукту кош тартып,
Кулабай эле сулады.
Баштайт кандай жорук деп,
Балада анын кулагы.

Теримиш болуп тамызгы
Тегерек жакты карады.
Турду ыргып ордунан

«Тул өлүк» жаткан жанаты.
Кокустан келип шап кармап
Колунан алды баланы.

Коркуп бала кокустан
— Коё бер,— деп бакырды.
Кишинин көрүп заарын,
— Кирешe, кел!—деп чакырды.
Байкатпай жетип кирешe
Балтырга тишин матырды.

Колу бошоп баладан
Канжары күнгө чагылды.
Качкан итке ыргытса
Как жүрөккө кагылды.
Канжылаган ит үнү
Канчыгайда жаңырды.

Байкуш иттин үнүнөн
Баланын зээни зыркырап.
Ыза болуп чыдабай
Ыйлап барат чыркырап.
Кара ниет адамдан
Качты ылдыйга дыркырап.

Байлай коюп балтырын,
Баланын түштү изине.
Баштыгын жардан ыргытты
Байкатпас үчүн кишиге.
Атмак болду баланы
Анын сырын түшүнө.

Жээкте үйдөй чоң ташка
Жетип бала жашынды.
Жиңкини соолуп тигинин
«Жиндилиги» ашынды.
Алмадай гана атпасам
Кароолго илсем башыңды.

Ак калпагы баланын
Ана, таштан кылтыйды.
Кулачын жайып баратып
Кулады бала, шылкыйды.
Кырчындын кесип канатын
Кыйраткан болду бул кыйды.

Тапанчасын кайра октоп,
Туш тарабын карады.
Безип кайра чуркады
Беттеп тигил баланы.
Кана, бала көрүнбөйт,
Калып калпак жанагы.

Алдадың ээ, чычымым,
Азыр тосом жолуңду!
Айтып оозун жыйганча,
— Көтөр,— деди колуңду.
Осолдук кылсаң кокустан
Ок тешет азыр жонуңду.

Тарс жыгылып чалкадан,
Бирөөнү тээп жиберди.
Көз ирмемде бир шумдук

Колун артка имерди.
Көмкөрөдөн түшсө да,
«Көрсөтөм,— дейт, —
силерди».

Тынчтыкка кайра бөлөнду
Тоо, токойдун арасы.
Кучакташып көрүштү
Ата менен баласы.
Душманды колго түшүрүп,
Басылды да санаасы.
...Күркүрөгөн күз кирип
Күткөн окуу башталган.
Күлкү менен шаң ойнойт,
Класста бүт жаштардан.
Жыргалбекке сөз тийди
Жыйналышты башкарган.

— Ачык деймин жыйналыш,
Ата-эне катышкан.
Жоокерлер да келишти
Бизди коргоп жатышкан.
Ырыстуу ушул элимдин
Ысык-суугун татышкан.

Жыйналышта эң алгач
Жеребков агай сөз алды.
Жаңы окуу жыл менен
Куттуктады балдарды.
Жакшы көрөт Мекен,— дейт
Сабактан «беш» алганды.

Эң сонун сөз сүйлөдү.
Эл аралык абалдан
Алаканга салгандай
Айтты бүткүл дүйнөнү.
«Кыраакы бол баарың,— дейт, -
Мейли сыртта, үйдөбү».

Командир сүйлөп жатканда
Класста үнү жаңырды.
Ар сөзү жагып көңүлгө
Алакан улам чабылды.
Ошол күнү Жакшылык
Төшүнө белги тагынды.

— Эрдик кайдан башталат,
Эске алалы, карачы.
Абдан сонун иш кылган
Ата менен баласы.
Эгерим чектен аттабайт,
Элиме бузук санаасы.

## АЙЖАРКЫН

*(Поэма)*

***Механизатор кыздарга арналат***

Казатка эрлер кеткен кез анда
Кара кагаз көбөйүп, каттар чанда.

Кайгы деген жамы журтту басып калды,
Кара кийген эртели-кеч жашып калды.

Баш көтөргөн басынганга жөлөк болду,
Балдарына кайрат берип көмөк болду.

Эркектердин эмгек жактан толбой орду
Эми, ал жакта баш-көз болду эне шордуу.

Эрте кетип, кеч кайтышат талаадан
Үйдө калган балдар кетпей санаадан.

Болгон күчтү фронт жакка үрөшөт,
Көмөк болуп бирин-бири сүрөшөт.

Ар кимиси жеңиш үчүн күрөштү
«Аман бол» — деп аскерде эрин тилешти.

Айрым эрлер майып болуп кайтышты
Айыл ичине согуш жайын айтышты.

Качкын болду кара ойлуу айрымы
Кайдан алар тең бөлүшөт кайгыны.

Арамзалар шылтоо таап калышты
Андан кийин, актив болуп алышты.

Аларды мен жалпы эскертип кетейин
Андан кийин бир бүлөгө өтөйүн;

...Рапыя беш балалуу эне эле,
Тынбай иштеп, үйдө, иште дем эле.

Коргоочу элс балапан деп балдарын
Кор кылчу эмес койнундагы алганын.

Ормон алыс жөнөөр кезде сапарга
— Аял, үйдү көп алба,— деп капарга.

Көз жаш албай көп катары жөнөткөн
Колдон кыса, ызаат кылып жөн өпкөн.

Жоолук булгап кеткен жолун караган
Жолдош солдат, баатыр бол деп самаган.

Беш баланын эң кенжеси — Айсалкын,
Балдар менен апасына «Айжаркын».

Ашкатык деп агалары бөпөлөп
Ар кимиси эркелетет жетелеп.

Өлбөс күндөр өтүп жатты закымдап
Жергебизге жеңиш үнү жакындап.

Ормон жары келген өндүү үйүнө
Рапыя күн-түн иштейт сүйүнө.

Курбулары дайым иштеп жанаша
Кур да болсо эс алганда тамаша.

Аскер көрсө: — Келди го,— дейт,— сеники,
Ай өлүксүз, сүйүнчүсү меники.

Ал эркектин жандап өтсө карааны
Ал каратат катын-калач, баланы.

Бирин-эки карлыгачтар келишти
Бүт айылы бир туугандай көрүштү.

Эртеси эле алар чыгып жардамга
Эмгек жасап, баш-көз болот балдарга.

Түш маалында баары келет чубашып
Түрү укмуштуу согуш жайын сурашып.

Айтат алар кандын күйүп жатканын
Асмандан да, жерден да адам атканын.

Сокур октун кокус келип тийгенин
Соо бут орду протезди кийгенин.

Темир барып жалп эткенин темирге
Темир, таштар айланганын көмүргө.

Айтор, укмуш айтса согуш жөнүндө
Ар нерселер түшө калат көңүлгө.

Кызылдардын кыйын аскер экенин
Канкор жоонун канын суудай төккөнүн.

Берлинге жакын кирип барганын
Качкан жоодон калктын өчүн алганын.

Эртең эле ошол согуш бүтөөрүн
Эр жүрөктүү аталарын күтөөрүн.

Ордендери төшкө батпай толоорун
Ошол согуш эртең тыйпыл болоорун.

...Аны укканда Рапыя үй жагына ашыгат
Аң-таң калат — бүгүн эмне шашылат?

Бүгүн эле көрүүчүдөй бирөөнү
Бир нерсени сезген өңдүү жүрөгү.

Бригадирге басып барып буралып
Бешим чеңде эрте кетти суранып.

Аз калганда айыл ченге жакындап
Ал ансайын жүрөк какты лакылдап.

— Оо, жараткан, келгенби дейм алганым,
Оорудубу же болбосо балдарым?

Кээде басып, кээде эс алып олтура,
Келсе үйүнө короо элге толтура.

Ал аңгыча экөө-үчөө жарыша
Алды колдон качырбастан жабыша.

— Ошол тура, жазмыш, буйрук айтыптыр,
Ормон жарың келбес сапар кайтыптыр!

Эси кетти сүйгөн жардан айрылып
Эми кайдан тапмак чиркин, кайгырып!

Балдар бар деп тобокелге белин бууп,
Баягыдай иштей албайт деми сууп.

Ошондон соң үч аптадан өткөн жок
Ошол үйдөн дагы кырсык кеткен жок.

Эмне болду, эл ийменди суроодон,
Рапыя каза тапты тумоодон.

Калк кубанды, кандуу согуш басылды,
Кан ордуна кызыл гүлдөр ачылды.

Беш бала да калганы жок багылбай
Бирок кыйын эне орду табылмай.

Эң улуусу кол-арага жарады,
«Эр уул» дешип эли колун карады.

Айжаркынга кыйын болду ченебей,
А кыз үчүн тирек барбы энедей?

Токтоттурбай жоодар болуп жолуна
Тай энеси алып алды колуна.

Жээнсинтип жемелеп жер каратпайт
Жектей калса кээ бирөөлөр жаратпайт.

Тай атасы тегирменчи киши эле
Тарбия жак тай эненин иши эле.

— Оку,— деди,— бирөөдөн кем калбастан,
Ойноп өскүн, жаман жакка барбастан.

Кээ кездерде сабагына бир барып
Кейитпестен жүр-туруна көз салып.

Көз салгын дейт «маалимдерге» жалгызга
Керез үчүн менин жээним — ал кызга.

Бош кездерде тай атасы жанында
Бош кезеги чанда болот анын да.

Техника аз, белгилүү ошол убакта?
Тегирмени — жалгыз Тогуз-Булакта.

Айжаркынга тетигин бүт баяндайт
Акылдуу кыз анын баарын аңдайт.

Бүтүн сурап агы менен карасын
Бул укмуш дейт — тегирмендин парасын.

Ара-чоро тегирмендин ичинде
Аралашып эрте менен кечинде.

Кыз чоңойду тай энеден сыр катпай
Кылдат өстү кыздуу үйгө кыл жатпай.

Онунчуну анда бүтүп кете элек
Ошол кезде балакатка жете элек.

Окуудан соң жардам үчүн барышат
Ошол өскөн талаадан ат салышат.

Кызгалдактай кызга талаа жарашып
Кыздар жакты боз уландар карашып.

Оңбогурлар ойносок деп самашып
Оңу келсе, кыз жоолугун талашып.

Кээ бирөөсү кеп кыясын имерип
Кез келгенде кол ойнотуп жиберип.

Айрым кыздар күлкүгө ынак шыңкылдап
Айрымы бар соорусу араң былкылдап.

Ал — Айжаркын токтоо жүргөн мүнөзү
Аты өңдүү ага сымал бир өзү.

Катуу айтпайт, кагып ийбет бирөөнү
Калп эле эмне ага коюп күнөөнү.

Машак терип барган кезде күнүгө
Маашыр болот комбайндын үнүнө.

Бир күндөрдө теңтуш кызга кеп салды:
«Комбайнды көрөлүбү?» — деп калды.

«Мейлиң,— деди,— каалап калсаң көрөлү,
Мен билемин, комбайнчы Төлөнү».

Алар жетти аңыздарды аралап
Ага неге кызыгышат дааналап?

— Айжаркын ай, деги өзүң кызыксың,
Анча эмне эле комбайнга кызыктың?

Ошол эле оюңча эң жакшыбы,
Оңбогур, же комбайнчы жактыбы?

— Ооба сага, андан көрө көрөлү
Колдон келсе, комбайнды, Төлөнү.

Жеткен кезде жеп жатышкан бадырак
— Жээн, кел,— деп баары тосту жаадырап.

Максым сунул, көп сүйлөбөй бажырап
Москоол жигит кызды тиктейт жаадырап.

— Кыздар деген кыйырлуу элдин коногу
Кылык менен сыйлабаса болобу?

Анда бирөө алдас айтып жаңылды:
— Аккулар,— дейт,— өзү келип кабылды.

Кыз шаaниси кымтып эрин тиштемей
Кыз жандуулар тура алабы тиктебей.

Дешип алар бой жеткенге кумарлуу
Деги эки кыз көргөндөргө кунарлуу.

Төлө унчукпайт, жигит неге ойлонду
Тиги кыздын оюн сезе койгонбу?

— Аттаналы, кана эмесе, курбулар!
Түштөндүңөр, бир топ эле турдуңар.

Болот тулпар күнгө жакшы какталды
Болду эми, кош аяты тапталды.

Кыздар менен сезим отун ойлонтсок,
Кызык болоор тулпар минип ойнотсок.

Ким жактырбайт айттырбастан билгенди
Кыздар күткөн так ошондо жүргөндү.

— Агай айткан сөздү эки дебейлик
Айжаркын ай, жүрү, түшүп көрөлүк?

— Оо, чоң кыздар, анда жакшы, жүргүлө,
Ойногула, эмгек менен күлгүлө.

Кыр жаап эгин, комбайны күпүлдөйт
Күпүлдөсө, кызда жүрөк дүпүлдөйт.

Теңтуш кызы комбайндан баш багат
Айжаркынды улам карап каш кагат.

Ал Айжаркын Төлө жигит жанында
Рулду көрсө талант ойноп канында.

— Кандай экен болот тулпар, карындаш?
— Кызык тура, билбептирмин башым жаш.

Кыздын сөзүн сүйүп жигит жактырат
Кыял эргип кур сөздөргө каткырат.

Жигитте да жаткан тура сыр терең
Жаш селкиге сабак айткан ыр менен.

Ал күн өттү кыздар үчүн көңүлдүү
Айжаркынга «тулпар» укмуш көрүндү.

Тай энеси сүйдү тосуп кайтканда
Таң калган жок комбайнды айтканда.

— Энекеси, мени өстүргөн таалайым!
— Эмне болду, мээнетиңди алайын!

Деле мынча, көтөрүңкү маанайың
Делбир этип, беш көкүлдүү саамайың.

— Тирүү жүрсөм керегиңе жарайын
Тракторчу, окуу барбы, барайын?

Айтып калдың эми эмне кылайын,
Андан көрө тай атандан сурайын.

Тай ата айтат: — Антсең кана ылайым,
Эртең барып башкармадан сурайын.

Ошол күнү терең сырлар чечилди
Айжаркындын «тушоосу да кесилди».

Кыз талабы башкарманы ойлонтту
Ойлонтподу, сонун сезим ойготту.

Калем учун кайра-кайра имерди
Кагаз жазды, кызды окуугa жиберди.

Окуу бүтүп, чеке тердеп сүйүнө
Ормонова кайтып келди үйүнө.

Тармал чачын калса дагы ак басып
Тай энеси тосуп алды «ак чачып».

Айжаркынды баары тосуп жаалашты
Ак батадан жакшы тилек каалашты.

Башкарма да «Эртең эле кел,— деди,—
Бактияр сен, «Белорусту» бер»,— деди.

Кыз кымылдайт аны укса чынында,
Бергиси жок отурса эгер рулга.

Ою орундап кыз ордуна олтурду
Олтурганда кыял көңүл толтурду.

Сонун экен сол көбөйсө жарашып
Солдон куштар курт-кумурска талашып.

Кээ бирөөлөр кыз келбетин самашып,
Ким болду экен, селки, болгон сага ашык?

Тиги бирөө — жер куруткан кер какшык,
«Тракторчу, боломбу дейт сага ашык?!
Кошо иштеп Төлө жүрөт жарышып
Кол кармашкан, милдеттенме алышып.

Барган сайын экөө абдан таанышып
Иш жөнүндө көп-көп пикир алышып.

Токтоо жигит кээде күйүп ичинен
Түшүнөөр дейт ичим эмес, ишинен.

Айжаркындын нуру жанып жүзүнөн
Аны айткансыйт өзүм деле түшүнөм.

Кубаттанып, кайра ишке чамдашат
Келечегин, балким алар камдашат.

Кээ бир жигит Айжаркынды карабай,
Койчу дешет, бүткөн-бою кара май.

Жанкы көпкөн сөз айтууга жарабай
Жалжаң этет, кантип аны алам ай.

Ушакчынын дайым эле тили шор
Кыз балага жарашпайт дейт трактор.

Тигил айтат трактордун иши оор,
Тракторго минген жандын дили зор!

Бүтмөк беле айылчы аял айыңы
Тескей берет, тескери, оң жайыңы.

Эмгегинен урматталып сый алып
«Эрке жээн» өсө берди суйсалып.

Жаман сөздөн барган сайын ыраактап
«Жакшы жээн» көзгө урунду кылактап.

Иштен кийин күзгүгө улам каранып,
Түйгөн чачты жазып ийип таранып.

Ырдап кетет курбуларга кошулуп,
Ыр жарашып бой жеткен кыз созулуп.

Бийге чыкса, боз уландар талашып,
Бирөө калса, бирөө кайра жанашып.

Үйгө чейин үч-төрт жигит саамыктап
Көбү жүрөт таанышсам деп жаңы ыктап.

Өстү селки, өкмөт дагы баалады.
Өсчү кызга дагы ийгилик каалады.

Даңкы кетти, областка билинди
Далай жолу сүрөтү да илинди.

Кыйын иштеп, кыз таалайы ачылды
Газеттерге көп макталып жазылды.

Эгин болсо алтымыштан айланды
Ошол жылы депутатка шайланды.

Орден алды, үлгү болуп баарына
Чакырылып, сүйгөн борбор шаарына.

Төлө дагы бош жүргөн жок жарышпай
Кээде ашып, кээде андан калышпай.

Бирге иштейт, күндө эле катташат
Ошентсе да Төлө кызга кат жазат.

«Эмне эле сүйүп калдым Айжаркынды
Эстүү кыз, сен билер белең баркымды.

Толкундап сен экөөбүз бир баш кошуп
Тоюма чакырсам ээ мен калкымды.

Баары бир оозеки мен айта албадым
Сүйөмүн! айткан сөздү кайта албадым.

Жигерлүү селки элеңиз жаным, айым,
Жигиттин эми мизин майтарбагын!?»

Уялып, улам катын окуп өттү,
«Мейли,— дейт,— уяңдыгым түпкө жетти».

Аңгыча анын өзү келсе боло,
— Ал эмне? — деп кызыгат кумар толо.

«Кат» — деди карай коюп тура калды
«Сизге экен» деди дагы, суна калды.

Окуду. Кыздын өңүн нурлар чалып,
Ойнуңбу, чыныңбы? — деп суроо салып.

Ойлосом, жазаар белем жанды үрөп,
Оюмду айтпай жүрдүм далай сүрдөп.

Мен деле кара мурут болуп калдым
Эл айтат жигиттикке толуп калдың.

Толоорун, Айжаркыным, толуп калдым,
Өзүңсүз жалгыз жүрүп тоңуп калдым.

Түшүмдү жалгыз өзүм жоруп калдым
Түнкүсүн түгөйү жок конуп калдым.

Айжаркын жигит колун кармай калды
Жалооруп жалжал көзү арбай калды.

Кыздын да оюн айтпай сезе билип
Кыйнаба, кат бербечи эстүү жигит.

Кат бердиң, окуп байкадым, жигит.
Канткенде, жок деп айтамын, жигит.

Ал сөзгө көңүл бөлөйүн, жигит
Азыраак ойлоп көрөйүн, жигит.

Энем бар, сөзүн угайын, жигит.
Эп десе дагы сынайын, жигит.

Маанисин бүткүл түшүндүм, жигит.
Майрамы келсин түшүмдүн, жигит.

Деп айтып селки кош деди,
Мелдеште менден оз деди.

Жарк этип, жигит кабагы
Жалжалын көпкө карады...

# МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Лениндей кенчи барбы? | 3 |
| Маяк өңдүү келгенбиз | 7 |
| Компартия дейбиз | 10 |
| Ал менин Ата мекеним | 11 |
| Комсомол жөнүндө ода | 12 |
| Баатыр санитарка баяны | 14 |
| Ок орногон жүрөк | 16 |
| Апа, сизге ыракмат! | 19 |
| Аталар | 22 |
| Донор кызга | 23 |
| Биз советтик медикпиз | 24 |
| Кыял чабыты | 25 |
| Тоо шумкары | 27 |
| Көл ыргактары | 28 |
| Арсыздын монологу | 29 |
| Кулунду | 30 |
| Мектебим жана мен | 31 |
| Жаз жана жаштык | 32 |
| Элим жүрөт кайгырбай | 34 |
| Ааламдын жүрөгү | 35 |
| Өргүдү чиркин төгөрөк | 36 |
| Кыз куумай | 37 |
| Көл элеси | 38 |
| Бирөө эле | 38 |
| Окештин оозу | 42 |
| Ала каздын арманы | 43 |
| Ойлосун | 44 |
| Карыялар | 45 |
| Экен | 46 |
| Топозчу бала жөнүндө баллада | 46 |
| Садагасы, сага айтам | 50 |
| «Аппагым» | 54 |
| Алдап кетти | 55 |
| Такайдын тарбиясынын таржымалы | 57 |
| Табигат менен тааныштык | 59 |
| Ыскак эмнеге ыйлайт? | 68 |
| Терме | 73 |
| Адашкан мышык | 75 |
| Чек арадагы окуя (Поэма) | 80 |
| Айжаркын (Поэма) | 91 |

**МАР АЛИЕВ**

**ВЗЛЕТ МЕЧТЫ**

*Стихи, поэмы*

**На киргизском языке**
**Для молодежи**
**Жаштар үчүн**

Редактор *Б. Асаналиев*
Художник *Ө. Асакеев*
Худ. редактор *Ю. Ким*
Тех. редактор *Ш. Борчубаева*
Корректор *Г. Садабаева*

Фрунзе, издательство «Мектеп».

ИБ—640

Терүүгө 4/XI 1976-ж. берилди. Басууга 7/II 1977-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $60 \times 90^1/_{32}$. 6,75 физ. басма табак, 3,375 шарттуу басма табак, 3,4 учеттук басма табак. Д—04412. Заказ № 4677. Тиражы 5000. Мукабасыз баасы 35 т. Мукабасы 14 т.

720002 Фрунзе, ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.

720461, ГСП, Фрунзе, 5. ул. Жигулёвская, 102,
Киргизполиграфкомбинат им. 50-летия Киргизской ССР
Госкомиздата Киргизской ССР